КЫРГЫЗ-ТҮРК
‘МАНАС’ УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN TÜRKİYE
MANAS ÜNİVERSİTESİ

# АДМИНИСТРАТИВДИК ИШ-ЧАРАЛАРДЫН ОТЧЕТУ



2014

www.manas.edu.kg

# КЫРГЫЗ-ТҮРК
# “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ
## 2014-ЖЫЛДЫН АДМИНИСТРАТИВДИК ИШ-ЧАРАЛАРДЫН ОТЧЕТУ

КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ
Стратегиялык Пландаштыруу Бөлүмүнүн Башкармалыгы
Бишкек/КЫРГЫЗСТАН

2015



2014-жылдын 21-декабрында дүйнөдөн кайткан
проф., док. Карыбек Молдобаевдин элесине...



Манастын жети осуяты:

- *Эл журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;*
- *Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;*
- *Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;*
- *Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу;*
- *Гуманизм, айкөдүк, кечиримдүүлүк;*
- *Табият менен таттуу мамиледе болуу;*

*Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.*



*" Улуттук эгемендүүлүк жаркыраган нур сыяктуу, анын таасири астында кишендер эрийт, таажы жана такты жок болот. Башка элдерди өзүнө багындырган улуттар жок болууга дуушар б олушат."*



## МАЗМУНУ


ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ 17

1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ 20

А) Миссия жана концепция ....25

В) АНЫКТАМАЛАР, ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕР ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР ....27

С) УНИВЕРСИТЕТ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ ....27

1. Материалдык-техникалык база....27

2. Уюштуруучулук түзүмү ....39

3. Маалыматтык жана технологиялык ресурстар....43

4. Адам ресурстары ....52

5. Кызмат көрсөтүүлөр....63

6. Башкаруу, Каржылык Текшерүү Системасы....109

2. НЕГИЗГИ САЯСАТ ЖАНА ПРИОРИТЕТТЕР 110

3. ИШ-ЧАРАЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ жана БААЛОО ИШТЕРИ 114

А) Финансылык маалымат....116

1. Бюджетти аткаруунун жыйынтыктары ....116

2. Негизги финансылык көрсөткүчтөрдүн таблицасына карата түшүндүрмөлөр.... 125

А) АРТЫКЧЫЛЫКТАР.... 136

В) КЕМЧИЛИКТЕР .... 136

С) МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР .... 137

D) КООПТУУ ЖАГДАЙЛАР .... 137

**V) УНИВЕРСИТЕТТЕ ИЧКИ КОНТРОЛДУ КАМСЫЗДОО БОЮНЧА БИЛДИРҮҮ....138**

**VI) КАРЖЫЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БОЮНЧА БӨЛҮМ БАШЧЫСЫНЫН БИЛДИРҮҮСҮ....139**

**КОРУТУНДУ....140**

## Таблицалардын тизмеси

Таблица 1. "Манас" университетине таандык кыймылсыз мүлктөрдүн бөлүштүрүлүшү .............30
Таблица 2. 2014-жылы эксплуатацияга берилген кыймылсыз мүлктөр........................................30
Таблица 3. Курулушу улантылып жаткан имараттар.......................................................................31
Таблица 4. Жабык имараттардын административдик түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү .........32
Таблица 5. Жабык имараттардын академиялык түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү .................32
Таблица 6. Бир студентке туура келген $м^2$тык аянт ..........................................................................33
Таблица 7. Унаалар ................................................................................................................33
Таблица 8. Окуу бөлмөлөрү, дарсканалар ..................................................................................34
Таблица 9. Ашканалар жана кантин-кафетериялар .......................................................................35
Таблица 10. Конок үйлөрү ......................................................................................................35
Таблица 11. Кызматкерлердин турак-жайы.................................................................................36
Таблица 12. Студенттер үйлөрү ................................................................................................37
Таблица 13. Спорт объекттери ..................................................................................................37
Таблица 14. Жыйын залдары жана конференц-залдар ...................................................................38
Таблица 15. Склад, архив жана устаканалар ...............................................................................38
Таблица 16. Кинозал жана концерттик залдар.............................................................................38
Таблица 17. Программалык жабдыктар жана компьютерлер .........................................................46
Таблица 18. Китепканалык ресурстар ........................................................................................49
Таблица 19. Башка маалыматтык-технологиялык ресурстар ..........................................................50
Таблица 20. Маалыматтык-технологиялык ресурстардын бөлүштүрүлүшү.........................................50
Таблица 21. Медициналык жана лабораториялык жабдыктар..........................................................51
Таблица 22. Кызматкерлердин саны .........................................................................................52
Таблица 23. Академиялык кызматкерлердин саны ........................................................................53
Таблица 24. КРсынын жараны болгон академиялык кызматкерлер ..................................................54
Таблица 25. ТРсы жана башка мамлекеттердин жараны болгон академиялык кызматкерлер....54
Таблица 26. Башка университеттер тарабынан университетке кызмат ордуна дайындалган академиялык кызматкерлер ..........................................................................................55
Таблица 27. Академиялык кызматкерлердин жашына карата бөлүнүшү..........................................56
Таблица 28. Академиялык кызматкерлердин илимий наамына карата бөлүнүшү.......................56
Таблица 29. Келишимдик негизде иштеген толук ставкалуу академиялык кызматкерлер...........57
Таблица 30. Академиялык кызматкерлерди кызмат ордуна дайындо/кызмат ордунан бошотуу.........................................................................................................58
Таблица 31. Административдик кызматкерлердин түзүмдөр боюнча санына карата бөлүнүшү ...........................................................................................................59
Таблица 32. Административдик кызматкерлердин билим деңгээли ...............................................60
Таблица 33. Административдик кызматкерлердин кызмат мөөнөтүнө карата бөлүнүшү ............60
Таблица 34. Административдик кызматкерлердин жашына карата бөлүнүшү..............................60

Таблица 35. Административдик кызматкерлерди кызмат ордуна дайындоо/кызмат ордунан бошотуу......61
Таблица 36. Убактылуу жумушчулар (иштеген кызматы боюнча) ......62
Таблица 37. Факультет/жогорку мектеп жана кесиптик жогорку мектепке карата жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларынын саны......64
Таблица 38. 2013-2014-окуу жылындагы студенттердин жалпы саны......65
Таблица 39. 2013-2014-окуу жылындагы студенттердин жарандыгына карата саны......67
Таблица 40. Студенттерге бөлүнгөн квота жана аны толтуруу коэффициенти ......68
Таблица 41. 2013-2014-окуу жылында окуудан чыгарылган студенттердин саны......68
Таблица 42. 2013-2014-окуу жылында университетке которулган, университеттен башка университетке которулган жана университеттин ичинде бир факультеттен башка факультетке которулган студенттердин саны......68
Таблица 43. 2013-2014-окуу жылында дисциплинардык жаза алган студенттердин саны жана алган жазалары ......68
Таблица 44. Стипендия алган студенттердин саны......69
Таблица 45. Университетти бүтүргөн студенттердин саны......69
Таблица 46. Жылдар боюнча ар бир окутуучуга туура келген студенттердин саны......67
Таблица 47. 2013-2014-жылында профессордук-окутуучулук курамдын ар бир мүчөсүнө туура келген студенттердин саны......70
Таблица 48. 2013-2014-окуу жылында студенттик алмашуу программасы боюнча университетке которулган студенттер ......70
Таблица 49. 2012-2013-окуу жылында студенттик алмашуу программасы боюнча башка университетке которулган студенттер ......71
Таблица 50. Студенттердин магистратура (диссертациялуу/ диссертациясыз) жана докторантура программаларына карата бөлүнүшү ......73
Таблица 51. Студенттердин магистратура (диссертациялуу/ диссертациясыз) жана докторантура программаларына карата бөлүнүшү......75
Таблица 52. "Манас" университетине кирүү сынагы-2014 боюнча абитуриенттердин жалпы саны (статистика) ......81
Таблица 53. Психологиялык кеңеш берүү......83
Таблица 54. Медициналык кызмат көрсөтүүлөр......84
Таблица 55. Бюджеттик кирешелер ......116
Таблица 56. Бюджеттик чыгашалар ......117
Таблица 57. 2014-жылындагы чыгашалардын экономикалык жактан бөлүнүшү ......123
Таблица 58. 2014-жылында университеттин базасындагы чыгашалар......124
Таблица 59. Чыгашалардын бөлүштүрүлүшү......124
Таблица 60. 2013-2014-жылында жасалган төлөмдөрдүн экономикалык классификациясы....125
Таблица 61. Жылдарга карата бюджеттен бөлүнгөн каражаттар жана чыгашалар ......126
Таблица 62. 2011-2014-жылдардагы иш сапардагы ар бир күн үчүн төлөнүүчү акыларды каттоо......126

Таблица 63. 2014-жылында факультеттерге жумшалган чыгашалардын бөлүштүрүлүшү ..........127
Таблица 64. 2014-жылында жогорку мектеп/ консерватория/кесиптик жогорку мектепке жумшалган чыгашалардын бөлүштүрүлүшү ..........127
Таблица 65. 2014-жылында институттарга жумшалган чыгашалардын бөлүштүрүлүшү..........128
Таблица 66. 2014-жылында университеттин башкы имаратына жумшалган чыгашалардын бөлүштүрүлүшү..........128
Таблица 67. 2014-жылында жасалган административдик чыгашалардын бөлүштүрүлүшү..........128
Таблица 68. 2014-жылында студенттерге жумшалган чыгашалар ..........129
Таблица 69. Илимий иш-чаралар ..........130
Таблица 70. Илимий долбоорлор..........131
Таблица 71. Университеттин спортчулары тууралуу маалымат..........134
Таблица 72. Сыйлыктар ..........134

## Графиктер

График 1. Академиялык кызматкерлердин кызмат ордуна карата бөлүнүшү..........53
График 2. Академиялык кызматкерлердин жарандыгына карата бөлүнүшү..........55
График 3. Академиялык кызматкерлердин жашына карата бөлүнүшү ..........56
График 4. Кызматкерлердин наамына карата бөлүнүшү..........57
График 5. Административдик кызматкерлердин жарандыгына карата бөлүнүшү (үлүштүк)..........58
График 6. Административдик кызматкерлердин кызмат мөөнөтүнө карата бөлүнүшү ..........60
График 7. Административдик кызматкерлердин жашына карата бөлүнүшү..........61
График 8. Студенттердин жарандыгына карата бөлүнүшү ..........67
График 9. 2013-2014-окуу жылындагы студенттердин саны..........75
График 10. Бюджеттик кирешелер..........116
График 11. 2014-жылындагы экономикалык классификация деңгээли боюнча бюджеттик төлөмдөр ..........117
График 12. 2014-жылындагы айлар боюнча эмгек акылары..........118
График 13. 2014-жылындагы айлар боюнча социалдык фонд төлөмдөрүнө кеткен чыгашалар 119
График 14. 2014-жылындагы айлар боюнча товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кеткен чыгашалар ..........120
График 15. 2014-жылындагы айлар боюнча агымдагы трансферттик чыгашалар ..........121
График 16. 2014-жылындагы айлар боюнча капиталдык чыгашалар ..........122
График 17. 2014-жылындагы чыгашалардын экономикалык классификацияга карата бөлүнүшү ..........123
График 18. 2013-2014-жылындагы чыгашалардын бөлүнүшү ..........124
График 19. 2013-2014-жж. экономикалык классификация деңгээли боюнча бюджеттик төлөмдөр ..........125

# ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ

# ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ





## Ректор жана Биринчи проректордун сөзү

Кыргыз-Түрк "Манас" университети эки боордош өлкө тарабынан курулган эл аралык жана өзгөчө статустагы мамлекеттик университет болуп саналат. "Манас" университети курулган күндөн баштап бардык ресурстарды колдонуу менен билим берүү жаатында көп күч-аракет жумшап, Кыргызстан жана Түркиянын мыкты тажрыйбаларын эске алуу менен бүгүнкү күнгө чейин келип, быйыл 20-жылдыгын белгилеп жатат.

Университет өзүнүн максатына ылайык орток маданий баалуулуктардын негизинде студенттерди биримдикке, ынтымакка, урмат-сыйга, туугандыкка, достукка жана тилектештикке үндөп, жалпы келечекти биргелешип куруу аң-сезиминин өнүгүшүнө салым кошууда. Бүтүрүүчүлөрдүн өз өлкөсүнүн өнүгүшүнө салымын кошо алган, дүйнөнүн каалаган жеринде иштей алган жогорку квалификацияга ээ болгон инсан катары калыптанышына өзгөчө маани берилет.

Орто Азиядагы эң заманбап кампуска ээ болгон университет 9 факультетинде, 5 жогорку мектебинде жана 2 институтунда иштеген 6 өлкөдөн келген окутуулардын жардамы менен алгач түрк тилдүү жана боордош элдердин ичинен болуп, 14 мамлекеттен жана 20 улуттан 4562 студентке орто кесиптик, жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү жаатында иш-чараларын улантып жатат. Эл аралык деңгээлде илимий иш-чараларды жүргүзүп, иш дүйнөсүнө жана коомго кызмат кылууда. Окуу жылынын башынан баштап өткөрүлгөн социалдык, маданий жана спорттук иш-чараларга катышкан студенттердин жана университеттин жамаатынын көп маданияттуу чөйрөдө түрдүү жана бай тажрыйбага ээ болуусу, индивидуалдык жана кесиптик өнүгүүнү колдоосу ар бир инсандын башкалардан өзгөчөлөнүп турушуна мүмкүнчүлүк берип, өзүнчө индивид катары калыптануусу жана акырында дүйнөнү аңдап түшүнүүсү үчүн ар түрдүү иш аракеттер жүргүзүлүп жатат.

Болонья процессин эске алганда, эл аралык университеттин өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон "Манас" университети "система жана мыйзам чыгаруу, заманбап окуу программалары", "квалификациялуу адам ресурстары", "алдыңкы жана заманбап технологиялык инфратүзүм", "күчтүү материалдык-техникалык база", "өлкөдө эң өнүккөн маалыматтык база", "китепкана жана окуу борбору" менен күнү-түнү университеттин жамаатына ар бир тармакта кызмат көрсөткөн жандуу организм сыяктуу иштеп жатат.

Билим берүү тармагында эл аралык марка жана илим чөйрөсүндө Орто Азияда

өзүнө тарта турган илимий борбор болуу жолунда олуттуу жылыш жасаган университет интернационалдаштырууга өзгөчө маани берип, алгач Түркия менен ишке ашырылган Мевлана алмашуу программасы боюнча студенттердин жана кызматкерлердин тажрыйба алмашуусуна, орток илимий иш-чараларга, долбоорду өнүктүрүү иштерине жана кош диплом долбоорундагы билим берүүгө чоң маани берүүдө. Университет менен 20 мамлекеттен 144 мекеменин ортосунда кол коюлган келишимдердин алкагында эл аралык байланыш жана глобалдык интеграция боюнча иш-чараларга артыкчылык берилүүдө.

Акыркы 5 жылдын ичинде система, институциализациялоо, окуу программалары, адам ресурстары, күчтүү маалыматтык база, китепкана жана окуу борборлору, окутуу жана тарбиялоо, илимий изилдөө жана коомго кызмат көрсөтүү, алдыңкы жана заманбап жабдыктарга ээ технологиялык борбор, лаборатория жана устаканалар, эл аралык деңгээлде жүргүзүлгөн илимий иш-чаралар, илимий изилдөөлөр, долбоорлор жана публикациялардын натыйжасында билим берүүнүн сапаты боюнча ишенимдүүлүктү жогорулатып, тышкы текшерүү иштери үчүн даяр болгон университет институционалдык башкаруу системасы боюнча алган TSE İSO 9001 2008 сертификаты менен башкарууда сапат кепилдигин бекемдеген.

Жарык келечегибиз үчүн түрк дүйнөсүнө кызмат көрсөтүүнү максат кылган Кыргыз-Түрк "Манас" университети 20-жылдыгында Орто Азияда илим жана билим берүүнүн чолпон жылдызы болууга жетишип, бул чоң максатты ишке ашыруу жана алдыдагы максаттарга умтулуу үчүн чечкиндүү кадамдар жасап, келечекке үмүт жана ишеним менен карайт.

Билим берүү жаатында иш-чараларыбызды жүзөгө ашырууда университет тарабынан кызмат көрсөтүлгөн ар бир чөйрөдөгү олуттуу өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөр боюнча натыйжалуулукту жогорулатып, көздөгөн максат жана милдеттерибизге ылайык бардык кызматкерлерибиздин жардамы менен алдыга коюлган максатыбызга жетерибизге ишенебиз. Биргелешип, талыкпай таза иштеген бардык кызматкерлерибизге, студенттерибизге, бизге көмөк көрсөткөн бардык өнөктөргө жана ушул отчеттун даярдалышына өз салымын кошкон кесиптештерибизге терең ыраазычылыгыбызды билдирип, 2014-жылда аткарылган иш-чаралардын отчетунун пайдалуу болушун каалайбыз

.

**Prof. Dr. Asılbek KULMIRZAYEV**

**Rektör Vekili**

**Prof. Dr. Sebahattin BALCI**

**Rektör**

# ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## КЫРГЫЗСТАН

Памир-Алай тоолорунун түштүк-батыш, Тянь-Шань тоолорунун түндүк-чыгыш жагында жайгашкан жана Орто Азиядагы өлкөлөрдүн бири болгон Кыргызстандын аянты 198.500 миң км². Кыргызстандын аймагынын 4,4 % пайызын суу, 5,3 % пайызын токойлор, 54,1 % пайызын айыл-чарба жерлери, 36,2 % пайызын болсо башка жерлер ээлейт. Түндүгүндө Казахстан Республикасы, түштүк-чыгышында Кытай Эл Республикасы, батышында Өзбекстан Республикасы, түштүк-батышында Тажикистан Республикасы менен чектешет. Чек арасынын жалпы узундугу 3.878 км.

Советтер Союзу таркагандан кийин 1990-жылдардан баштап Кыргызстанда өлкөнү демократизациялаштырууга багытталган олуттуу иш-чаралар көрүлгөн. 1991-жылдын 31-августунда Кыргыз ССРы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз каранды эместиги жөнүндө Декларациясын кабыл алган. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 1993-жылдын 5-майында Жогорку Кеңеш тарабынан бир добуштан кабыл алынып, ошол эле убакта Жогорку Кеңештин жалпы жыйынында кабыл алынган чечим менен мамлекеттин расмий аты “Кыргыз Республикасы” деп бекитилген.

Кыргызстан терең ойдуңдар, өрөөндөр жана бийик тоолорго ээ. Деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2750 метр. Кыргыз Республикасынын эң бийик жери Жеңиш чокусу. Бийиктиги  7439 метр.  Эң төмөн жайгашкан жери деңиз деңгээлинен 132 м бийиктикте жайгашкан Кара-Дарыя.

Кыргызстандын негизги байлыгы – элдик маданият. Кылымдар бою Кыргызстандын территориясында жашаган ар түрдүү улуттагы элдердин маданиятын өздөштүрүп жана өнүгүп келген кыргыз маданияты көп түрдүүлүгү жана тереңдиги менен айырмаланат.

Кыргыздар байыркы түрк элдеринин бири болуп саналат. “Кыргыз” термини б.з.ч. II кылымда кытай булактарында кездешет. Албетте, ушундай узак тарыхка ээ улуттун маданиятын түзгөн бөлүкчөлөрдүн бири болуп бир кыйла бай жана көр түрдүү оозеки чыгармалар эсептелет. Бул чыгармалардын ичинде эң көркөмдүү жана эң көлөмдүү



**Сүрөт: Сары - Челек көлү/ Жалалабад**



чыгарма болуп кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын жана маданиятын чагылдырган “Манас” эпосу саналат.

Кыргыз эли өзүнүн маданиятын дүйнөгө тааныткан залкар жазуучу Чыңгыз Айматов менен түбөлүк сыймыктанат. 2008-жылында 80 жашында дүйнөдөн кайткан улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары 130дан ашык тилге которулган.

Кыргызстандын борбор калаасы жана эң ири шаары – Бишкек. Айрыкча, Чуй областынын борбору болуп саналат. 1878-жылы түптөлгөн шаардын аты Пишпек деп аталып, андан соң Советтер Союзунун мезгилинде Фрунзе болуп өзгөртүлгөн. 1991-жылы борбор шаарыбыз Бишкек атын алган.

Бишкек шаарынын борбордук аянттары, көчөлөрү, проспектилери түз. Айлана-чөйрөнү көркко бөлөп турган бак-дарактар жана сейил бактар менен Бишкек шаары жапжашыл жана көрктүү шаар болуп эсептелет. Шаардын көчөлөрү шахматтын тактасы түрүндө пландаштырылып, көчөлөрдүн эки тарабында бак-дарактарды сугарып туруу максатында тар арыктар жайгашкан. Ушундай жол менен сугарылган бак-дарактар жай мезгилинде күндүн аптабынан сактайт, ошондой эле шаарга өзгөчө көрк берип турат. Чүй областындагы жаңы шаарлардын бири болгон Бишкек шаарында өткөн кылымдарга таандык тарыхый эстеликтер жок, бирок шаардын борбордук аянтында Тарых музейи жайгашкан.



# КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН КУРУЛУШУ ЖАНА ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮҮСҮ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 1995-жылдын 30-сентябрында Түркиянын Измир шаарында Түркия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол коюлган "Кыргызстандын борбор шаары – Бишкекте "Кыргыз-Түрк «Манас» университетин куруу тууралуу» келишимдин негизинде курулган. 1995-жылы Бишкек шаарынын Манас проспектисинде ижарага алынган чакан имаратта иштей баштаган бул университет таалим-тарбия иштерин 1997-1998-окуу жылында баштаган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 5-ноябрында кабыл алган 764 номерлүү чечими боюнча эски аэропорттун тилкесинен 85 гектар жер тилкеси 49 жылдык мөөнөт менен университетибизге өткөрүлүп берилген.

Жер тилкелери бөлүнүп берилгенден кийин экономика жана башкаруу факультети менен коммуникация факультетинин имараттарын куруу боюнча тендер жарыяланып, 2002-жылдын 22-майында аты аталган факультеттердин имараттарын куруу иштери башталган.

1997-1998-окуу жылында университетте гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин түркология жана тарых бөлүмдөрү, экономика жана башкаруу факультетинин менеджмент бөлүмү, инженердик факультеттин компьютердик инженерия бөлүмү жана чет тилдер жогорку мектебинин түрк жана кыргыз тилдери боюнча даярдоо курсу ачылып, 3 факультет, 4 бөлүм жана 1 жогорку мектепте 86 студент билим алып, бардыгы болуп 127 кызматкер, алардын ичинен 89 административдик жана 38 академиялык кызматкер иштеген.

Университеттин "түзүлүш мезгили" катары каралган алгачкы 15 жылдын ичинде 2009-2010-окуу жылынан баштап бардыгы болуп 2.261 студент орто кесиптик жана жогорку билим алышкан.

"Өнүгүү мезгили" катары мүнөздөлгөн жана 19 жылды артта калтырган доордун 2013-2014-окуу жылында 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп, 2 институт жана 4 илимий изилдөө борборунда бардыгы болуп 525 толук ставкалуу академиялык кызматкер, 300 административдик кызматкер эмгектенип, 570 бүтүрүүчүгө диплом берилген. 2013-2014-окуу жылына чейин бардыгы болуп 4126 студент университетти окуп бүтүргөн.

2 кампустук университет статусуна ээ болгон окуу жайыбыз жалпы жабык аянты 10.300 м² болгон жана 1200 студентти батыра ала турган башкы имаратта (Бишкек ш., Тынчтык просп., 56), Ч. Айтматов атындагы кампуста жайгашкан болжол менен 1200 студентти батырган жана жалпы жабык аянты 12.445 м² болгон экономика жана башкаруу факультетинде, жалпы жабык аянты

9.965 m² болгон жана 600 студентти батырган коммуникация факультетинде, ошондой эле 125 студентти батырган жана жалпы жабык аянты 3.453,65 m² болгон кесиптик жогорку мектепте жана факультеттерге пайдаланууга берилген 740 орундук лабораториялардан турган технология борбору менен окуу-тарбиялоо иштерин жана кызмат көрсөтүүлөрүн жүргүзүп келет.

## A) МИССИЯ ЖАНА КОНЦЕПЦИЯ

# МИССИЯСЫ

Түрк тилдүү жана боордош мамлекеттердин жаш муундарынан баштап, үзгүлтүксүз билим алууга умтулган коомдун бардык катмарларына билим берүү жана орток көз-караштарды иштеп чыгуу максатында өз тармагында мыкты, өзүнө болгон ишеними жогору, орток маданий баалуулуктар алкагында адеп-ахлактык принциптерге жана жалпы дүйнөлүк баалулуктарга ээ болгон, коомдун алдында жоопту, заманбап, эл аралык деңгээлде иштей алчу адистерди даярдоо жана түрк цивилизациясы менен дүйнөлүк илимге салым кошуу.

# КОНЦЕПЦИЯСЫ

Билим берүү тармагында эл аралык марка катары академиялык иштер жана коомго көрсөтүлгөн кызматтар аркылуу түрк дүйнөсүнө жана жалпы адамзатка салым кошкон "эл аралык деңгээлде абройлуу жана дүйнөгө таанылган университет" болуу.

## ПРИНЦИПТЕР жана МАКСАТТАР

### ПРИНЦИПТЕР

- ✓ Ататүрктүн мекенчилдик түшүнүгүнө, принциптерине жана революциясына таянуу;
- ✓ Экологиялык аң-сезимди калыптандыруу жана ар бир кишиге урмат-сый менен мамиле кылуу;
- ✓ Этикалык баалуулуктарга таянуу;
- ✓ Социалдык жоопкерчиликке өзгөчө маани берүү;
- ✓ Коомчулукка кызмат көрсөтүү;
- ✓ Инсанга багытталган окутуу;
- ✓ Илим-билимге жана илимий ой жүгүртүүгө маани берүү;
- ✓ Жаңычылдык;
- ✓ Дисциплиналар арасындагы мамиле
- ✓ Башкаруу ишине катышуу
- ✓ Жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү
- ✓ Коллективдик өз ара жардамдашуу

## УНИВЕРСИТЕТТИН МАКСАТТАРЫ

- Практикалык билим/билгичтиктер жана технологияларды илимий изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерде колдонуу
- Европалык университеттери ассоциациясынын (European Universty Associatioan) курамына кирүү
- Ички жана тышкы өнөктөштөр менен таасирдүү мамиле жана өнүмдүү кызматташтык түзүү;
- Билим берүүдө ийкемдүүлүк
- Технологияга таянган билим берүү
- Үзгүлтүксүз билим берүү
- Билим берүүдө эл аралык марка болуу
- Тажрыйбалуу адистерди даярдоо
- Болонья процессине шайкеш болуу
- Өмүр бою үйрөнүү

## Б) АНЫКТАМАЛАР, ЫЙГАРУМ УКУКТАРЫ, МИЛДЕТ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР

1995-жылдын 17-декабрында Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы" тууралуу келишимге кол коюлуп, эки өлкөнүн ыйгарым укуктуу органдар тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирген Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы боюнча:

- Университет эки тараптуу келишимдин негизинде курулган өзгөчө статустагы жогорку окуу жай болуп саналат.
- Университет юридикалык статуска жана илимий өзүнчөлүккө ээ.
- Университеттин эң жогорку чечим чыгаруучу органы болуп Камкорчулар кеңеши саналат. Камкорчулар кеңеши англо-саксондук университет моделине окшош жана көз карандысыз орган болуп, университет менен эки өлкөнүн Өкмөттөрү арасындагы мамилелерди жөнгө салат.
- Административдик, финансылык жана академиялык жактан текшерүү иштерин көз карандысыз орган – "Текшерүү комиссиясы" жүргүзөт.
- Университеттин жетекчилиги биргелешкен башкаруу принцибине таянат. Тараптардын башкаруу органында жана көзөмөлдөө органында тең өкүлчүлүгү бар.
- Университетте берилен дипломдор эки өлкө тарабынан таанылат.



## В) УНИВЕРСИТЕТ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк "Манас" университети окуу-тарбиялоо иштерин жана административдик кызмат көрсөтүүлөрүн Ректораттын башкы имаратында жана Ч. Айтматов атындагы кампустун ичинде жайгашкан имараттарда жүргүзүп келет.

### 1. Материалдык-техникалык база

Кампустардын көрүнүштөрү

### БАШКЫ ИМАРАТ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 1995-жылы университетке өткөрүлүп берилген бул имарат 1998-жылы реконструкцияланып жана оңдолуп бүткөн. Бул иш-чараларга 14 миллион АКШ доллары жумшалып, 1998-жылдын 13-ноябрында эки өлкөнүн Президенттеринин катышуусунда имараттын ачылыш аземи болуп өткөн.

Жалпы аянты 10.300 м² түзгөн бул имаратта төмөнкү түзүмдөр жайгашкан:

а) Ректорат;

б) Чет тилдер жогорку мектеби;

в) Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби;

г) Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы;

д) Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы;

е) Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы;

ж) Кадрлар башкармалыгы;



з) Маалыматтык технологиялар башкармалыгы;

и) Курулуш иштер башкармалыгы;

к) Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгы;

л) Студент жана кызматкерлерге тамактануу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзгөн ашкана жана кантин-кафетериялар;

м) Жалпы аянты 726 м²ты түзгөн жабык китепкана;

н) Жашылдандыруу, электр энергиясын камсыздоо, электроника, металл жана жыгач иштетүү, сантехника ж.б. кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзгөн устаканалар бар.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ КАМПУС

### ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ФАКУЛЬТЕТИНИН ИМАРАТЫ

Экономика жана башкаруу факультетинин имараты 2005-жылдын март айында ачылып пайдаланууга берилген. Бул имаратта экономика жана башкаруу факультети, гуманитардык факультет, студенттик иштер башкармалыгы, маалыматтык технологиялар башкармалыгы, басма жана полиграфиялык иштер мүдүрлүгү жайгашкан.



### КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИНИН ИМАРАТЫ

Коммуникация факультетинин имараты 2005-жылдын апрель айында ачылып пайдаланууга берилген. Бул имаратта коммуникация факультети, инженердик факультет, теология факультети, табигый илимдер факультети, табигый илимдер институту, курулуш иштери башкармалыгы жана «Манас FM» радиосу жайгашкан.



### КЕСИПТИК ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ

2005-2006-окуу жылында 5 окуу программасы менен ачылышы пландаштырылган кесиптик жогорку мектеп 2006-2007-окуу жылында “Офис менеджменти”, “Курулуш технологиясы” жана “Бухгалтердик эсеп” программалары боюнча даярдык курсуна 58 студентти кабыл алып, 2 академиялык жана 1 административдик кызматкер менен окуу-тарбиялоо иштерин баштаган.







## ТЕХНОЛОГИЯ БОРБОРУ

2011-2012-окуу жылында табигый илимдер факультети, ветеринардык факультет, айыл-чарба факультети, көркөм өнөр факультети жана консерваторияга пайдаланууга берилген 3442 м$^2$дик жабык аянтка ээ болгон, 30 даана лаборатория жана устакана, профессордук-окуутучулук курамдын мүчөлөрү жана кызматкерлер үчүн 31 кабинет, 10 даана дарсканаы камтыган жана тез тургузулчу конструкциялардан (металл конструкциялары) курулган имарат пайдаланууга берилген. Бул имарат жакынкы келечекте курула турган те ия борборун түзөт.



## ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ БОРБОРЛОРУ

Өзүнчө турган эки кабаттуу 5 имаратта илимий изилдөө борборлору менен катар консерватория, дене-тарбия жана спорт жогорку мектеби, бардык кызматкерлерге медициналык-социалдык кызмат көрсөткөн ден соолукту чыңдоо борбору менен социалдык багытта колдонулган VIP коноктор үйү бардык студентерибизге жана кызматкерлерибизге пайдаланууга берилген.




## СОЦИАЛДЫК БАГЫТТАГЫ ИМАРАТТАР ЖАНА СТУДЕНТТЕР ҮЙЛӨРҮ

4710 м$^2$ дик жабык аянтка ээ болгон Социалдык багыттагы имарат 2012-жылдын август айында пайдаланууга берилген. Ал эми 11997 м$^2$ дик жабык аянтка ээ болгон студенттер үйлөрү 2013-жылдын сентябрь айында эксплуатацияга берилген. 2426 м$^2$дик жабык аянтка ээ болгон спорт комплексинин ичиндеги 1200м$^2$дик волейбол жана баскетбол аянтчалары, 540 м$^2$дик ачык гимнастикалык зал, 260м$^2$дик теннистик корт, 400 м чуркоо аянты жана 5600 м$^2$дик жасалма газондуу футбол аянты менен кошо 8000м$^2$дик жалпы аянты болгон спорт объектиси 2015-жылдын июнь айынын аягына чейин бүтүрүлүшү пландаштырылган.



Айрыкча Ч.Айтматов атындагы кампустагы окуу залдарга болгон керектөөнү камсыздоо үчүн 390 м$^2$дик жабык аянтка ээ болгон Чыңгыз Айтматов атындагы окуу залынын курулуш иштери 2012-жылдын февраль айынын аягына чейин бүтүрүлүп, пайдаланууга берилген.




Университеттин ичинде жайгашкан жеке менчик 9 кабаттуу имараттан 42 батир сатып алынып, ал имаратта оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп, студенттерге жатакана катары пайдаланууга берилген.

## 1.1 Кыймылсыз мүлктөр

### 1.1.1. Жабык аянттардын бөлүштүрүлүшү

Кыргыз-Түрк "Манас" университети башкы имаратта жана Ч. Айтматов атындагы кампуста бардыгы болуп болжол менен 98.150,16 м²дик жабык аянтта жана 1.425 м²дик ачык спорт объекттеринде кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүп келет.

Таблица 1. "Манас" университетине таандык кыймылсыз мүлктөрдүн бөлүштүрүлүшү

| Имараттар | Жалпы(m²) | Ачыктама |
|---|---|---|
| Башкы имарат | 10.300,00 | Колдонулууда |
| Студенттердин үйлөрү | 18.694,00 | Колдонулууда |
| Кесиптик жогорку мектеп | 3.453,65 | Колдонулууда |
| Башталгыч мектеп жана лицей | 1.720,75 | Колдонулууда |
| Кызматкерлердин турак-жайы | 8.372,00 | Колдонулууда |
| Спорт объекттери | 8.588,00 | Колдонулууда |
| Факультеттердин кошумча эки кабаттуу имараттары-5 даана | 1.480,00 | Колдонулууда |
| Технологиялык борбор | 3.442,00 | Колдонулууда |
| Коммуникация факультетинин имараты | 9.966,00 | Колдонулууда |
| Экономика жана башкаруу факультетинин имараты | 12.445,00 | Колдонулууда |
| Окуу залдары | 395,00 | Колдонулууда |
| Социалдык багыттагы имарат | 4.921,93 | Колдонулууда |
| Курулуш иштери жана маалыматтык технологиялар башкармалыгынын имараттары | 228,00 | Колдонулууда |
| Ветеринардык клиника | 496,00 | Колдонулууда |
| Милициялык пункт | 52,83 | Колдонулууда |
| Балдарды өнүктүрүү борборунун имараты | 132,00 | Колдонулууда |
| Ректорат, инженердик жана табигый илимдер факультеттеринин жаңы имараттары | 13.463,00 | Колдонулууда |
| Жалпы | 98.150,16 | |

**Kaynak : Yapı İşleri Dairesi Başkanlığı**

Таблица 2. 2014-жылында эксплуатацияга берилген кыймылсыз мүлктөр

| Имараттар | Birim Adı | Alanı (m²) |
|---|---|---|
| 2013-ж. аягында жалпы жабык аянты (м²) | | 84.687,16 |
| Чынгыз Айтматов атындагы кампус | Ректорат, инженердик, табигый илимдер факультеттеринин жаңы имараттары | 13.463,00 |
| 2013-ж. аягында жалпы жабык аянты (м²) | | 98.150,16 |
| Өзгөрүү коэффициенти % 15.90 | | |





| Таблица 3. Курулушу улантылып жаткан имараттар | | |
|---|---|---|
| Түркия Республикасынын Бишкек түрк  башталгыч жана орто мектеби | 5.976 m² | 2015 Сентябрь |
| Жабык спорт комплекси | 2.994 m² | 2015 Июль |
| Айыл чарба фак. –Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин окуу комплекси | 8.301 m² | 2015 Жылдын аягы |
| Ветеринардык факультеттин окуу комплекси | 14.328 m² | 2016 Жылдын башы |
| Теологиялык факультет жана мечит | 5.844 m² | 2015 Ноябрь |
| Ачык спорт объекттери | 7.740 m² | 2015 Октябрь |
| Ачык административдик имарат | 260 m² | 2015 Октябрь |
| Жалпы | **37.443m²** | |








### 1.1.2. Жабык аянттардын кызмат чөйрөсүнө карата бөлүштүрүлүшү

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде академиялык жана административдик түзүмдөрдүн ичинде эксплуатацияга берилген имараттардын жалпы аянты болжол менен 28.983,32 м²ди түзөт.

Таблица 4. Жабык имараттардын административдик түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү

| Кызмат чөйрөсү | Башкы имарат (м²) | Жал кампусу (м²) | Жалпы (м²) |
|---|---|---|---|
| Ректорат | 462.00 | - | 462.00 |
| Башкы катчылык | 241.00 | - | 241.00 |
| Маалыматтык технологиялар башкармалыгы | 35.00 | 215.63 | 250.63 |
| Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы | 476,20 | 1.396,57 | 1872.77 |
| Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | 415,20 | 335.22 | 750,42 |
| Студенттик иштер башкармалыгы | | 236.70 | 236.70 |
| Кадрлар башкармалыгы | 90.00 | - | 90.00 |
| Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы | 2.951,00 | 889.14 | 3.840,14 |
| Курулуш иштер башкармалыгы | 117 | 308.00 | 425.00 |
| Стратегиялык пландаштыруу бөлүмү | 126.00 | - | 126.00 |
| Котормо бюросу | 24.00 | - | 24.00 |
| Басма сөз жана коомчулук менен байланыш бюросу | 34.00 | - | 34.00 |
| Басма иштери жана полиграфия бөлүмү | | 83.84 | 83.84 |
| "Манас" радиосу | | 744,31 | 744,31 |
| Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борбору | | 83,00 | 83,00 |
| Жалпы | 4.971,40 | 4.292,41 | 9.263,81 |

Таблица 5. Жабык имараттардын академиялык түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү

| Кызмат чөйрөсү | Башкы имарат (м²) | Жал кампусу (м²) | Жалпы (м²) |
|---|---|---|---|
| Гуманитардык факультет | 350,00 | 1.694,15 | 2.044,15 |
| Табигый илимдер факультети | - | 857,75 | 857,75 |
| Көркөм өнөр факультети | - | 602,80 | 602,80 |
| Экономика жана башкаруу факультети | - | 1.582,28 | 1.582,28 |
| Коммуникация факультети | - | 2.005,90 | 2.005,90 |
| Инженердик факультет | 130,00 | 900,00 | 1.130,00 |
| Ветеринардык факультет | - | 1.446,00 | 1.446,00 |
| Айыл чарба факультети | - | 1.129,74 | 1.129,74 |
| Теологиялык факультет | - | 210,13 | 210,13 |
| Табигый илимдер институту | - | 45,65 | 45,65 |
| Коомдук илимдер институту | - | 200,00 | 200,00 |
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | - | 1.211,05 | 1.211,05 |
| Консерватория | - | 1.540,47 | 1.540,47 |
| Туризм ж-а мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 514,00 | 314,74 | 828,74 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | 2.574,00 | - | 2.574,00 |
| Кесиптик жогорку мектеп | - | 2.129,65 | 2.129,65 |
| Түрк цивилизациясын изилдөө борбору | - | 281,20 | 281,20 |
| Жалпы | 3.568,00 | 16.151,51 | 19.751,51 |

| Таблица 6. Бир студентке туура келген аянт ($м^2$) | | | |
|---|---|---|---|
| | Студенттердин саны | Бир студентке эсептелген аянт ($м^2$) | Аянт ($м^2$) |
| Ачык аянт | 853.200,00 | 4.760 | 179,24 |
| Жабык аянт | 28.983,32 | 4.760 | 6,03 |
| Окуу аянттары | 19.751,51 | 4.760 | 4,15 |

## 1.2. Taşıtlar

| Таблица 7. Унаалар | | | |
|---|---|---|---|
| Унаанын түрү | Номери | Сатып алуу датасы | Камсыздоо түрү |
| Жеңил автоунаа (жеке автоунаа) | 4751 BC | 19.08.2008 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (жеке автоунаа) | 1014 BC | 19.08.2008 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (жеке автоунаа) | 3831 BC | 19.06.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 3832 BC | 19.06.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 3833 BC | 19.06.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 4293 BC | 18.09.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 4294 BC | 18.09.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 2078 BC | 29.05.2008 | Сатып алуу |
| Минибус (15 орундук кызматтык автоунаа) | KGBH 5276 | 17.08.2000 | Сатып алуу |
| Минибус (15 орундук кызматтык автоунаа) | 0096 BC | 21.06.2013 | Сатып алуу |
| Пикап (3 же 6 орундук кызматтык автоунаа) | 0059 BC | 20.03.2013 | Сатып алуу |
| Пикап (3 же 6 орундук кызматтык автоунаа) | 6933 BA | 17.03.2001 | Сатып алуу |
| Автобус (27 орундук кызматтык автоунаа) | 7556 BA | 31.01.2002 | Сатып алуу |
| Тез жардам автоунаасы (медициналык жабдыктар менен жабдылган) | 6903 BA | 02.03.2001 | Сатып алуу |
| Жалпы | 14 | | |

### 1.3. Окуу бөлмөлөрү, дарсканалар

Таблица 8. Окуу бөлмөлөрү, дарсканалар

| Окуу бөлмөсү (даана) | Лекциялык зал | Дарскана | Компьютердик лаборатория | Башка лабор. | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| 0–25 орундук | - | 51 | 12 | 22 | 85 |
| 26–50 орундук | 1 | 26 | 3 | 9 | 39 |
| 51–75 орундук | - | 19 | - | - | 19 |
| 76 жана андан көп орундук | 6 | 2 | - | 1 | 9 |
| Жалпы | 7 | 98 | 15 | 32 | 152 |









Кыргыз-Түрк “Манас” университетиндеги окуу бөлмөлөрүнүн сыйымдуулугуна жараша бөлүштүрүлүшү 7-таблицада берилген. Сабак өтүлүүчү лекциялык залдар жана дарсканалардын жалпы саны 105ке жетет.

Университетте окуу-тарбиялоо жана илимий изилдөө иштеринин сапатын жогорулатуу жана студенттердин практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында бөлүмдөрдүн өзгөчөлүгүнө жараша технологиялык билим, сүрөт тартуу (фотография), тасма тартуу жана графика сыяктуу багыттарда колдонулган 47 лаборатория бар.

Коммуникация факультетинде Түркиянын ТРТ каналы менен кызматташуу алкагында Орто Азиянын эң заманбап телестудиясы ачылган жана эксплуатацияга берилген. Айрыкча университеттин басма-полиграфиялык кызмат көрсөтүүлөрүн камсыздоо үчүн университетте көп фукционалдуу электрондук жабдык (Konica Minolta Bizhub Pro C6500) орнотулган.

Эл аралык марка болуунун негизги жана бирден-бир шарты болуп, жаңы технологияларды университетке киргизүү, технологиялык өнүгүүлөрдөн артта калбоо үчүн маалыматтык-телекоммуникациялык технологиялар менен жабдылган лабораториялардын курулушуна өтө жоопкерчилик менен мамиле кылуу, кызматкерлер жана студенттер тарабынан жаңы технологиялардын натыйжалуу жана эффективдүү түрдө колдонулушун камсыздоо эсептелет.

### 1.4. Социалдык багыттагы имараттар

Студенттерге, кызматкерлерге ж.б кишилерге социалдык кызмат көрсөткөн кантин, студенттер үйлөрү ж.б.у.с. объекттер төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

Университеттин территориясында 1368 орундук кыз жана эркек студенттери үчүн студенттер үйлөрү, 10 батирлүү конок үйлөрү, 78 батирлүү кызматкерлердин турак-жайы, ТРнын башталгыч мектеби жана Анадолу лицейи, ачык спорт комплекси (футбол талаасы, баскетбол жана волейбол аянтчалары, теннистик корт,  балка ыргытуу, чуркоо аянты ж.б.) жайгашкан.

### 1.4.1. Ашкана жана кантин-кафетериялар

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин студенттери менен академиялык жана административдик кызматкерлеринин тамактануунга болгон керектөөсүн камсыздоо үчүн ар бир кампуста ашкана жайгашкан. Ар бир ашканада тамак берилип, муктаж болгон студенттер университеттин кызматкерлери тарабынан көрсөтүлгөн финансылык жардамдардын негизинде акысыз тамак-аш менен камсыздалышат.

Таблица 9. Ашкана жана кантин-кафетериялар

| Түзүмдөр | Даана | Жабык аянт (м²) | Сыйымдуулугу (орундук) |
|---|---|---|---|
| Университеттин башкы имаратындагы студенттик ашкана | 1 | 185.0 | 238 |
| Социалдык багыттагы имаратта студенттик ашкана | 1 | 555.0 | 372 |
| Университеттин башкы имаратындагы кызматкерлер үчүн ашкана | 1 | 165.0 | 100 |
| Социалдык багыттагы имаратта кызматкерлер үчүн ашкана | 1 | 759.6 | 301 |
| Көп функционалдуу жыйын залы | 1 | 347.7 | 85 |
| VIP конок үйлөрү | 1 | 113,3 | 35 |
| Мини-маркет | 1 | 13,3 | - |
| Университеттин башкы имаратындагы кантин | 1 | 65,2 | 56 |
| Кесиптик жогорку мектептин имаратындагы кантин | 1 | 45,3 | 43 |
| Студенттер үйүндөгү (А корпусу) кантин | 1 | 80,1 | 66 |
| Студенттер үйүндөгү (Б корпусу)кантин | 1 | 65,5 | 60 |
| Экономика жана башкаруу факультетинин имаратындагы кантин | 1 | 65,1 | 96 |
| Жалпы | 12 | 2.460,1 | 1.452 |

### 1.4.2. Конок үйлөрү

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Ч. Айтматов кампусунда орун алган кызматкерлердин турак-жайынын имаратында 10 батирлүү 1 даана жеке турак-жай тибиндеги конок үйлөрү жайгашкан.

Таблица 10. Конок үйлөрү

| Конок үйлөрү | Даана | Жабык аянт (м²) | Сыйымдуулугу (орундук) |
|---|---|---|---|
| | 10+VIP конок үйлөрү | 1.111,63 | 49 |

### 1.4.3. Кызматкерлердин турак-жайы

Университеттин Жал кампусунда жайгашкан 61 батирлүү үй, 24 батирлүү кызматкерлердин турак-жайы жана 9 кабаттуу имаратта жайгашкан 3 батир менен 78 батирден турат. Конок үйлөрү катарында пайдаланылып жүргөн 10 батир менен бирге университеттин турак-жайлардын жалпы саны 88ди түзөт.

Таблица 11. Кызматкерлердин турак-жайы

| Сыйымдуулугу | Бош эмес | Бош | Жабык аянт (м²) |
|---|---|---|---|
| 1 бөлмөлүү | 3 | - | 134,6 |
| 2 Бөлмөлүү | 9 | - | 578,43 |
| 3 Бөлмөлүү | 34 | - | 3.366,96 |
| 4 Бөлмөлүү | 24 | - | 2.827,94 |
| 3 Бөлмөлүү дуплекс | 4 | - | 358,40 |
| 4 Бөлмөлүү дуплекс | 4 | - | 413,20 |
| Жалпы | 78 | - | 7.679,53 |





### 1.4.4. Студенттердин үйлөрү

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгына караштуу 2 даана студенттер үйүнөн алыстан келген студенттерге орун берилет.

СТУДЕНТТЕР ҮЙЛӨРҮ

- Сыйымдуулугу: 1.146
- Бөлмөлөрдүн саны: 241

**9 КАБАТТУУ ТУРАК-ЖАЙ**

- Сыйымдуулугу: 222
- Бөлмөмлөрдүн саны: 38
- Кыз жана эркек студенттер үчүн бөлөк жатаканалар курулуп, анда 4 жана 6 орундук бөлмөлөр жайгашкан.

**ОКУУ ЗАЛДАРЫ**

- Университеттин окуу залдары күн сайын саат 08:30дөн баштап 24:00го чейин, ал эми сынак тапшыруу мезгилинде түнкү саат 02:00ге чейин иштейт.
- Студенттик жатаканада 150 орундук окуу залы жана 56 орундук 5 даана окуу залы бар.

Студенттик жатаканада кир жуу жана үтүктөө үчүн атайын бөлмө, о.э. студенттер үчүн Wİ-Fİ интернет түйүнү, видео көзөмөлдөө системасы, спутниктик телекөрсөтүү менен камсыздалган жана социалдык кызмат көрсөткөн кантин бар.

Таблица 12. Студенттер үйлөрү

| Бир бөлмөдөгү орундардын саны | Саны | Сыйымдуулугу (орундук) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Кыз | | |
| 4 орундук | 143 | 440 | 136 | 576 |
| 6 орундук | 125 | 420 | 372 | 792 |
| **Жалпы** | **268** | **860** | **508** | **1.368** |





### 1.4.5. Спорт объекттери

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде студенттер менен академиялык жана административдик кызматкерлер тарабынан колдонулуп жүргөн жана жалпы аянты 10.445 м²ди түзгөн 1 даана ачык спорт комплекси бар. Университет Бишкек шаарындагы башка окуу жайлардан жабык спорт залдарын ижарага алуу аркылуу окуу-тарбиялоо иштерин улантып келет.

Таблица 13. Спорт объекттери

| Объекттер | Саны (даана) | Аянты (м²) | Түшүндүрмөлөр |
|---|---|---|---|
| Ачык спорт аянтчалары | 1 | 10.445 | Футбол аянты, баскетбол жана волейбол аянтчалары, теннистик корт, чечинүү бөлмөсү жана ж.б. спорт тармагында кызмат көрсөткөн жайлар |





### 1.4.6. Жыйын залдары жана конференц-залдар

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде басымдуу көпчүлүгү 0-50 орундук 2 даана жыйын залы менен ар кандай сыйымдуулукта 2 даана конференц-зал бар.

| Таблица 14. Жыйын залдары жана конференц-залдар | | | |
|---|---|---|---|
| Сыйымдуулугу | Toplantı Salonu | Konferans Salonu | Toplam |
| 0–50 орундук | 2 | 1 | 3 |
| 151–250 орундук | - | 1 | 1 |
| 251 жана андан көп орундук | - | 0 | 0 |
| Жалпы | 2 | 2 | 4 |

### 1.5. Склад, архив жана устаканалар

Университеттин архивдөө бөлүмү КРсынын Улуттук архив фондунун Эксперттик-текшерүү усулдук комиссиясы тарабынан даярдалган жана Ректораттын буйругу менен бекитилген Жобого ылайык иш-чараларды ишке ашырат.

| Tablo 15. Ambar, Arşiv Alanları ve Atölyeler | | |
|---|---|---|
| | Adet | Alanı ($m^2$) |
| Ambar Alanları | 23 | 954,35 $m^2$ |
| Arşiv Alanları | 5 | 383 $m^2$ |
| Atölyeler | 12 | 270 $m^2$ |

### 1.6. Башка социалдык багыттагы имараттар

| Таблица 16. Кинозал жана концерттик залдар | | | |
|---|---|---|---|
| Кинозал | Даана | Аянты (м²) | Сыйымдуулугу (орундук) |
| | 1 | 128 $m^2$ | 132 |

## 2. Уюштуруучулук түзүмү

**Университеттин башкаруу органы**

Кыргыз-Түрк "Манас" университети Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан 1995-жылдын 30-сентябрында Измир шаарында кол коюлган «Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк «Манас» университетин ачуу боюнча эл аралык келишимдин» негизинде ачылып, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставына ылайык аныкталган.

**Камкорчулар кеңеши**

Университеттин эң жогорку чечим чыгаруучу органы болуп Камкорчулар кеңеши саналат.

Камкорчулар кеңеши университеттин жалпы башкаруусун алып баруу максатында биргелешип иштетүү – биргелешип башкаруу принцибине ылайык эки тараптуу сегиз кишиден турат. Кеңештин төрагасы жана үч мүчөсү Түркия Республикасынын Өкмөтү тарабынан кабыл алынган чечим менен дайындалат. Биргелешип кабыл алынган чечимдердин долбоорлору Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү кеңешинин Аткаруу комиссиясынын сунушу боюнча Түркия Республикасынын Улуттук билим берүү министрлиги тарабынан даярдалат.

Камкорчулар кеңешинин калган 4 мүчөсү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сунушу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан колдонуудагы мыйзамга ылайык дайындалат.

Кызмат мөөнөтү беш жыл. Мүчөлүктөн чыккан учурда бирдей тартип менен мүчөлүккө кабыл алынат.

Негизги кызматы сакталуу менен Камкорчулар кеңешинин мүчөлүгүнө шайланган төрага жана мүчөлөр негизги жумуш ордунан бошотулганда Камкорчулук кеңешиндеги кызматы да аяктайт.

**Текшерүү комиссиясы**

Университеттин административдик, финансылык жана академиялык жактан текшерүү иштери эки өлкөнүн өкмөттөрү тарабынан дайындалган жана 4 мүчөдөн турган Текшерүү комиссиясы тарабынан жылда бир жолкудан кем эмес өткөрүлөт.

Текшерүү комиссиясы Камкорчулар кеңешинин чыгымдарын ж.б. иш-чараларын дагы текшерет.

Текшерүү комиссиясынын бирден мүчөсү эки өлкөнүн Өкмөттөрүнө караштуу Финансы министрлигинин бюджет бөлүмүнүн кызматкерлеринин арасынан шайланат.

**Ректор – Биринчи проректор**

Ректор Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин Аткаруу комиссиясы тарабынан 4 жылдык мөөнөткө дайындалат. Биринчи проректор болсо келишимде аныкталган тартипте 4 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Университетттин административдик, финансылык жана академиялык иш-чаралары ректор жана биринчи проректордун орток чечимдери менен жүргүзүлөт.

**Окумуштуулар кеңеши**

Окумуштуулар кеңеши университеттин академиялык түзүмү болуп саналат. Ректор – окумуштуулар кеңешинин төрагасы.

Окумуштуулар кеңешини курамына проректорлор, факультеттердин декандары, институт

жана жогорку мектептердин мүдүрлөрү менен ар бир факультет тарабынан таңдалган профессордук- окутуучулук курамдын 2 мүчөсү кирет.

**Башкаруу кеңеши**

Башкаруу кеңеши ректордун төрагалыгында болуп, декандар, институт жана жогорку мектептердин мүдүрлөрүнүн арасынан окумуштуулар кеңеши тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалган үч профессордон түзүлөт.

Биринчи проректор башкаруу кеңешинин анык мүчөсү болуп, добуш берүү укугуна ээ. Ал эми башка проректорлор добуш берүү укугуна ээ эмес, бирок башкаруу кеңешинин жыйынына катыша алышат.

**Факультеттин башкаруу органдары**

Факультеттин декандары, жогорку мектептин мүдүрлөрү жана бөлүм башчылары;

Факультеттин декандары ректордун сунушу менен Камкорчулар кенеши тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалышат. Институттардын жана жогорку мектептердин мүдүрлөрү биринчи проректордун сунушу менен Ректор тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Бөлүм башчылары бөлүмдө иштеген окутуучулардын таңдаган талапкерлер арасынан декандын сунушу менен Ректор тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Бөлүм башчысы убактылуу кызмат ордунда болбогон учурда профессордук-окутуучулук курамдын мүчөсүн орун басары кылып дайындайт.

Факультеттин деканы, жогорку мектептин мүдүрлөрү жана бөлүм башчылары кызмат ордуна дайындоо боюнча негиздерге ылайык керек болгон учурда кызмат ордунан бошотулат.

Факультет жана жогорку мектептин башкаруу кеңештери

Факультет жана жогорку мектептин башкаруу кеңештери декан же мүдүрлөрдүн төрагалыгында өтүп, бөлүм башчылары менен доценттин милдетин аткаруучу жана профессорлор тарабынан индивидуалдуу түрдө таңдалган бирден өкүлдөн түзүлөт. Башкаруу кеңешинин мүчөлөрүнүн кызмат мөөнөтү 5 жыл.

**Институттар**

Ректорлукка караштуу болуп, Коомдук илимдер жана Табигый илимдер институту курулат. Институттар жогорку окуу жайдан кийинки билим берүүчү мекеме болуп саналат. Институттардын башкаруу кеңеши мүдүр менен кошо 5 кишиден түзүлөт. Башкаруу кеңешинин мүчөлөрү институттун мүдүрүнүн сунушу жана биринчи проректордун макулдугу менен Ректор тарабынан дайындалат. Башкаруу кеңешинин мүчөлөрүнүн кызмат мөөнөтү 5 жыл.

**Илимий изилдөө борборлору**

Илимий изилдөө борборлору университетин ичинде жана сыртында жергиликтүү жана эл аралык уюмдар менен кызматташып, ар кандай коомдук катмарларга теориялык жана практикалык түрдө билим берүүнү, негизги жана практикалык изилдөөлөрдү жана долбоорлорду жүргүзүү үчүн борбордун мүдүрү биринчи проректордун сунушу боюнча ректор тарабынан дайындалат.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин академиялык жана административдик түзүмдөрү 1-схемада жана 2-схемада көрсөтүлгөн.

## KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ AKADEMİK TEŞKİLAT ŞEMASI



# KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ İDARİ TEŞKİLAT ŞEMASI



## 3. Маалыматтык-технологиялык ресурстар

Университет билим берүү кызматтарын көрсөтүүдө заманбап технологиялык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, бул мүмкүнчүлүктөрдүн ар бир бөлүмдө колдонулушу үчүн керектүү шарттарды түзөт. Университеттин бардык түзүмдөрдөгү маалыматтык технологиялар, материалдардын кыймылы, китепканалык кызматтар, кызматкерлердин өздүк делолору жана студенттердин иш-аракеттерине байланыштуу кызмат көрсөтүүлөрдү автоматизациялоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Маалыматтык технологияларды ишке киргизген Маалыматтык технологиялар башкармалыгы илимий изилдөөлөрдө, окуу программаларында жана административдик түзүмдөрдүн иш алып баруусунда керектүү болгон программалык жабдууларды, жабдыктарды, байланыш-катыш тармагы (network) сыяктуу борбордук маалыматтык системаларды колдонуу мүмкүнчүлүгүн берип, колдонуучулардын маалыматтык керектөөлөрүн камсыздайт.

Университет маалыматтык система жана байланыш-катыш тармагынын түзүлүшүнө карата саясатын аныктап, муктаж болгон бөлүмдөр үчүн керектүү маалыматтарды берип, маалыматтык системаларын түзөт , ишин багыттайт жана жөнгө салат.

ОАИБ Түркия жана Кыргызстан баш болуп, Орто Азиядагы түрк элдери жана коомчулуктары арасындагы коомдук, саясий, экономикалык мамилелерди бекемдөө менен орток маданиятты табуу, аны иштеп чыгуу, өнүктүрүү жолу менен аймактын жана дүйнө жүзүндөгү тынчтык үчүн кызмат кылууну алдына милдет кылган. Максаты Орто Азиянын маданий чөйрөгө багытталган стратегиялык тапшырмалар жана долбоорлорду иштеп чыгуу менен өз ара алмашуу, колдонуу жана бирдиктүү максатты көздөй иш алпаргандар менен кызматташтык жүргүзүү жана көмөк көрсөтүү. ОАИБ кандайдыр бир саясий

уюмдун же жеке адамдардын саясий кызыкчылыгын көздөбөгөн, тескерисинче туура жолду, тынчтык саясатын түзүүдө түпкү булакты даярдаган жана келечекти түзүүчү академиялык курамдын ой-пикири болгон уюм.

Муну менен бирге эле, Орто Азия изилдөө борбору эл аралык уюмдарга, Кыргызстан жана Түркиядагы мамлекеттик жана жеке ишканаларга аймактагы саясий, социологиялык, экономикалык жана педагогикалык жааттагы кеңеш берүү, эл аралык деңгээлде академиялык басылмаларды, отчетторду жана китептерди басып чыгаруу аракетин көздөйт. Башка максаттар катары ОРТО Азия жана башка мамлекеттер арасындагы орток стратегиялык иш-чараларды уюштуруу, илимий иш-аракеттер менен долбоорлорго колдоо көрсөтүп, алардын аткарылышына артыкчылык көрсөтүп, академиялык кызматкер жана студент алмашуу программалардын өнүгүшүнө өз салымын кошуу. Бул максаттарга карай, борбордук, Орто Азия жана коңшу мамлекеттердеги окуу жайлар, изилдөө борборлору, жарандык коом, мамлекеттик жана эл аралык уюмдар менен кызматташтык жүргүзүүдө жергиликтүү деңгээлде жана эл аралык масштабда конгресс, симпозиум, конференция, форум, тегерек стол ж.б. академиялык иш-чараларды уюштуруу.

Бул жаатта 2014-жылдын 6-февралында Ахмет Йесеви эл аралык Казак-Түрк университети Евразия изилдөө институту менен биргелешип “Евразия Бажы Биримдиги: Казакстандын тажрыйбасы жана Кыргызстандын багыт алышы” темасындагы семинар, 2014-жылдын 25-27-июнунда “Кыргызстандакоомчулукту тынчтык менен камсыз кылуу үчүн Тынчтык сабагы” жана Диний топтордун уюштурулушу жана активдүү мүчөлөрү” темасындагы долбоордун алкагында “PeaceBuilding in FerghanaValley” жана “Religious Groups and Their Activities in Kyrgyzstan” аталышында 2 семинар, 2014-жылдын 24-25-октябрында ОАИБ жана КР Дин иштери боюнча комиссия, Түркия Республикасынын премьер-министринин астындагыЧет өлкөдөгү түрктөр жана тектеш коомчулуктарбашкармалыгынын колдоосу астында “Орто Азиядагы тынчтык жана дин” деген аталышта эл аралык илимий конференция уюштурулган. Орто Азия менен байланыштуу кабар, анализ, отчетторду камтыган ОАИБнун интернет баракчасы (http://orasam.manas.kg) ар дайым жаңыртылып турат.

### 5.1.1.3.4. Дистанттык билим берүү борбору

а) Университеттер аралык кызматташтык боюнча сабак өтүүнүн алкагында университет ичинде маалымдоо иш-чаралары жүгүзүлүп, сабактарга атайын мугалимдер бекитилип, сабактардын материалдарын даярдоо боюнча консультациялар берилип турат. Ошол эле учурда сайттан сабак алмашуу алакасын түзүп, ар кайсы өлкөлөрдүн (2013-2014-окуу жылынын жазгы семестринде АКШ, Франция, Пакистан, Түркия) университеттери менен биргеликте сабак өтүү мүмкүн болгон. Бул контексттен алганда, 2013-2014-окуу жылында университеттин ар кайсы бөлүмдөрүндө 15 ар түрдүү сабактын өтүшү камсыздалган.

б) Биргелешкен сабактарды өткөрүүгө колдоо көрсөтүү маселесинин КТМУда берилген 10 орток милдеттүү сабактардын материалдарын даярдоо боюнча профессор, доктор жана сабактардын координаторлору боюнча колдоо көрсөтүлүп, “Манас” университетинин теле студиялары, аудитория, лабораторияларда сабактын видеого тартуу иштери жүргүзүлүп, электрондук вариантын колдонуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

в) Дистанттык билим берүү программасын ачуу боюнча; Манас университетинде дистанттык билим берүү программасын ачуу маселеси боюнча көптөгөн маалыматтык жана тааныштыруу жыйындары өткөрүлүп, түшкөн ой-пикир жана глобалдык көз караштан туура көрүлгөн багыттар боюнча программалар каралып, сунуш, ой-пикир жаатындагы даярдык иштери жүргүзүлүп жатат. Муну менен катар эле, тил үйрөтүү жана башка багыттар боюнча даярдык иштери жасалууда.

### 5.1.1.3.5. Үзгүлтүксүз билим берүү борбору



2012-2013-окуу жылында иш-чараларын баштаткан КТМУҮБББ, жалпысынан Кыргызстандагы мамлекеттик жана өкмөттүк эмес уюмдардан келген талаптарды жана алардын ар түрдүү тармакта билим алуу муктаждыктарын канааттандыруу үчүн КТМУнун билим берүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жана потенциалынын негизинде акысыз курстар сыяктуу иш-чараларды уюштурууда.

Университеттин материалдык-техникалык базасынын жана адам ресурстарынын негизинде коомчулукка жана мамлекетке кызмат көрсөтүү, кызыктар тараптар менен байланыштарды жана кызматташтыктарды өнүктүрүүгө салым кошуп, иш-чараларын жүргүзүп келген КТМУҮБББ Сапаттуу жумушчу кадрларды даярдоо (САЖУКАД) долбоору менен Кыргызстандын кесиптик билим берүү жаатында салым кошууну максаттаган. Пилоттук программа катарында иш жүргүзүп жаткан САЖУКАД, жаштарга кыска мөөнөттүү курстар аркылуу кесиптик билим берүүдө. Түркияда иш таба ала турган даражада даярдалган жаштар алгач түрк тилин үйрөнүү боюнча курстан өтүп, андан соң үч айлык кесиптик билим алат. Бул долбоордун алкагында бүгүнкү күнгө чейин пилоттук программа боюнча эт өндүрүшү жана касапчылык, о.э. Web дизайны боюнча жалпы 16 киши түрк тилин үйрөнүү жана кесиптик билим боюнча курстарды аякташты.

КТМУҮБББ тарабынан ачылган кыргыз, түрк, орус жана кытай тилдери курстарын окутуу менен студенттердин тил үйрөнүү шыгын күчөтүп, атаандаштык күч алган рынокто күчтүү кадрларды тарбиялоо менен катар эле, Коммуникация факультети менен координациясы менен фотограф, кинооператор, анниматор курстарын ачуу менен катышуучулардын практикалоого байланышкан жөндөмдөрүн арттыруу аракети көрүлүүдө.



Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин үзгүлтүксүз билим берүү борбору жеке инсан жана мекемелерге билимберүү, илим изилдөө иштери жана кеңеш берүү менен коомчулуктун билим берүү талабына мыкты жооп берген жана социалдык жоопкерчиликтерди нмаанилүүлүгүн түшүнгөн бирмекеме катары топтогон билимин коомчулуктун ар бир бөлүгүнө жеткирүү максатын көздөйт.

### 5.1.1.3.6. Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борбору (СТЖБ)

Университетке студенттерди кабыл алуу жана чет тили сынагын өткөргөн Манас СТЖБ жетекчилиги 2013-жылдын ноябрь айында кол коюлган протоколдун негизинде Түркия Республикасынын өлчөө, тандоо жана жайгаштыруу борборунун Бишкектеги сынак координаторлугу болуп калган.

Аталган башкармалыктын курамысына кызматтары тобу, тест иштеп чыгуу жана даярдоо, маалыматтарды иштеп чыгуу системасы, баалоо жана жайгаштыруу тобу, доо арыздарды териштирүү тобунан турган жумушчу топ менен катар эле, аткаруу комитети, борбордук жетекчи жана кызматкерлери менен иш алпарып келет.

**Манас СТЖБ жетекчилигиастындаөтк өрүлгөнсынактар:**

1. Студенттерди кабыл алуу жана жайгаштыруу сынагы (Манас СТЖБ)

2. Чет тилдерди билүү деңгээлин аныктоо сынагы (Манас ЧТС)

3. Түрк тилдүү мамлекеттерден жана боордош элдерден келген студенттерди бөлүмдөргө карата бөлүштүрүү сынагы (Манас БКБС)

1. **МАНАС СТЖБ**

*Университетке кабыл алуунун жолдору*

Университетке кабыл алына турган студенттердин тандоо жана абитуриенттердин тандоолоруна жараша жайгаштыруу иш-аракеттери, "Манас" университетинин Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борбору (Манас СТЖБ) тарабынан аткарылып, ал эми Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы (Манас СТЖС) жылына бир жолу өткөрүлөт. Мына ошентип, абитуриенттерге адилеттүү атаандаштыкка негизделген, баалоодогу субъективдүүлүктөн толугу менен алыс болгон сынактан өтүү мүмкүнчүлүгү берилген.

**Сынакка кимдер катыша алат?**

**А. Кыргыз Республикасындан**

- **Кыргызстан**жарандары менен лицей же ошол дэңгээлдеги орто окуу жайлаларды аяктагандыгы тууралуу күбөлүк же дипломдорду КР Билим берүү ж-а илим министрлиги тарабынан таанылган башка **мамлекеттердин жарандары**,
- Кесиптик-техникалык окуу жайлардын же орто мектептердин бүтүрүүчүлөрү,
- Кесиптик-техникалык окуу жайлардын жана орто мектептердин акыркы курс же 11-класстын окуучулары,
- **Башка университеттерде билим алып жаткан студенттер**,
- Башка университеттердин каттоосунда болгон студенттер. А бирок бул студенттер, Студенттерди тандоо сынагы аркылуу өтүп, Кыргыз-Түрк «Манас» университетине катталыш үчүн башка университеттин каттосунан чыгышы керек.





**B. Түркия Республикасындан**

Түркия Республикасынын жарандары, университетке, ТР Жогорку билим берүү комитетинин Баалоо, тандоо жана борборунун жетекчилиги тарабынан бакалавриатка жайгаштыруу сынактарынын жыйынтыгына жараша кабыл алынышат.

**C. Түрк жумурияттары жана боордош түрк мамлекеттеринен**

- Келишим түзүлгөн жогорку окуу жайлар аркылуу студенттерди университетке тандоо боюнча ыйгарым укугу берилген ошол мамлекеттердин жогорку окуу жайлары,университетин квотасына жарашатандалган студенттерди университетке кабыл алышат.

Атайын комиссиянын чечими менен университеттин алдында түзүлгөн Түрк жумурияттары жана боордош түрк мамлекеттеринен Студенттерди тандоо боюнча комиссиянын чечими менен ошол өлкөлөрдөн студенттер кабыл алынат. Комиссиянын сунушу менен ошол мамлекеттерге атайын комиссия жөнөтүү жана өздөрү университетке тапшырган абитуриенттердин билим дегээлдерин баалап, талапка жооп берген абитуриенттерди университетке кабыл алуу туралуу снуштарды университеттин Окумуштуулар кеңешине сунуштоо аркылуу жана бөлүнгөн квотага жараша студенттер кабыл алынат.






| 52-Таблица. Манас - СТЖБ – 2014 Абитуриенттердин статистикасы | |
|---|---|
| Тапшырган абитуриенттердин саны | 7.834 |
| Бөлүмдөрдү тандаган абитуриенттердин саны | 3.532 |
| Тизмеге алынган абитуриенттердин саны | 1.067 |

## 2. Манас - Чет Тилин Билүү Деңгээлин Аныктоо Сынагы (YDSTS)

Бул сынак, университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган дата боюнча жылына эки жолу өткөрүлүп турат. Мындан сырткары, Ректораттын талабы боюнча, университетке илимий кызматкер алуу үчүн кошумча сынактар өткөрүлүп турат.

**2014-жылга карата статистикалык маалыматтар:**

- 2014 18-май күнү өткөрүлгөн сынакка 105 талапкер,
- 2014 14-декабрь күнү өткөрүлгөн сынакка  52 талапкер,
- 2014-жылдын 16-март күнү өткөрүлгөн сынакка  34 талапкер,
- 2014-жылдын 21-сентябр күнү өткөрүлгөн сынакка  19 талапкер кайрылган.

**3. Манас - Бөлүм Аныктоо Сынагы (BBS)**

**Түрк жумурияттары жана боордош түрк мамлекеттери менен** башка өлкөлөрдөн келген абитуриенттерди университеттин бөлүм жана программаларына жайгаштыруу үчүн жыл сайын жылына бир жолу Бөлүм аныктоо сынагы өткөрүлүп турат. Жогоруда айтылган абитуриенттер үчүн белгилүү бир квота бөлүнөт. Университеттин Тил боюнча даярдоо курсун ийгиликтүү аяктаган, а бирок бөлүмү белгисиз абитуриенттер, өздөрү кирген сынактын жыйынтыктары боюнча жогорудагы абитуриенттер, сынак жыйынтыгына жараша тандаган бөлүмдөргө жайгаштырылат.

**2014-жылга карата** Бөлүм аныктоо сынагы боюнча статистикалык маалыматтар:

2014-жылдын 31-май күнү өткөрүлгөн сынакка 84 талапкер катышкан.

**Бишкекте Сынакты өткөрүү боюнча Координаторлук тарабынан өткөрүлгөн сынактар:**

1. Т.Р. СТЖБ Академиялык персоналүчүн дипломдон кийинки билимди жогорулатуу үчүн кирүү сынагы (түркчө: ALES)

2. Т.Р. СТЖБ Чет тилин билүү деңгээлин аныктоо сынагы (түркчө: YDS)

**1. Т.Р. СТЖБ Академиялык персонал үчүн дипломдон кийинки билимди жогорулатуу үчүн кирүү сынагы (ALES)**

Т.Р. СТЖБ жетекчилиги тарабынан жыл сайын аныктаган календарь боюнча жазгы/күзгү семестр болуп, жылына 2 жолу өткөрүлгөн сынак, Бишкекте Сынакты өткөрүү боюнча Координаторлугундагы университеттин кызматкерлери жана Т.Р. СТЖБ өкүлдөрү менен биргеликте өткөрүлүп келет.

**2014-жылга карата (ALES) сынагы боюнча статистикалык маалыматтар:**

**ALES – 2014-жылдын жазгы семестри:** Бишкекте Сынакты өткөрүү боюнча Координаторлукка сынак үчүн 176 талапкер катталган. Интернет аркылуу жеке кайрылгандардын санын кошкондо жалпысынан 227 талапкер катталган.

**ALES – 2014-жылдын күзгү семестри:** Бишкекте Сынакты өткөрүү боюнча Координаторлукка сынак үчүн 55 талапкер катталган. Интернет аркылуу жеке кайрылгандардын санын кошкондо жалпысынан 91 талапкер катталган.

**2. Т.Р. СТЖБ Чет тилин билүү деңгээлин аныктоо сынагы (YDS)**

Т.Р. СТЖБ жетекчилиги тарабынан жыл сайын аныктаган календарь боюнча жазгы/күзгү семестр болуп, жылына 2 жолу өткөрүлгөн сынак, Бишкекте Сынакты өткөрүү боюнча Координаторлугундагы университеттин кызматкерлери жана Т.Р. СТЖБ өкүлдөрү менен биргеликте өткөрүлүп келет.

**2014-жылга карата (YDS)** сынагы боюнча статистикалык маалыматтар:

**YDS – 2014-жылдын жазгы семестри:** Бишкекте Сынакты өткөрүү боюнча Координаторлукка сынак үчүн 192 талапкер катталган. Интернет аркылуу жеке кайрылгандардын санын кошкондо жалпысынан 214 талапкер катталган.

**YDS – 2014-жылдын күзгү семестри:** Бишкекте Сынакты өткөрүү боюнча Координаторлукка сынак үчүн 45 талапкер катталган. Интернет аркылуу жеке кайрылгандардын санын кошкондо жалпысынан 90 талапкер катталган.

### 5.1.1.4. Психологиялык кеңеш берүү жана багыт көрсөтүү кызматтары

53 -таблица. Психологиялык кеңеш берүү жана багыт көрсөтүү кызматтары

| | Кыз | Эркек | Жалпы |
|---|---|---|---|
| Жеке психологиялык кеңеш берүү кызматы | 77 | 34 | 111 |
| Кеңеш берүү кызматтары | 164 | 94 | 258 |
| Адамды таануу кызматтары | - | - | 64 |
| Өнүктүрүүчү психологиялык программалары | - | - | 287 |
| Ориентация (багыт берүү) программасы | - | - | 835 |
| Басылган материалдарды жайылтуу кызматы | - | - | 2.046 |
| Психикалык абалды чыңдоо кызматы | - | - | 47 |
| Маектешүү | - | - | 8 |
| Жалпы | 241 | 128 | 3.656 |







Студенттерге бир гана учурдун талабына ылайык маалыматтар менен жөндөмдөрдү үйрөтпөстөн, ошол эле учурда психологиялык жана коомдук өнүгүүлөргө салым кошууну, психикалык абалын чыңдоону, академиялык жактан өзүн-өзү өнүктүрүү багытында иш-чаралар жүргүзүлөт. Студенттердин инсандык, коомдук, илимий, кесиптик жактан өнүгүүсүнө, максат коюу, чечим чыгаруу, адаптация болуу, пайда болгон көйгөйлүү маселелерди чечүүгө багытталган кыска жана узун мөөнөткө созулган жеке психологиялык кеңеш берүү кызматын сунуштайт. Ушуну менен катар индивидуалдык жолугушуу, семестр убагында берилген семинарлар аркылуу студенттерге маалымат берилет жана бул багытта топтор түзүлүп, бул топторго психологиялык кеңеш берүү же болбосо багыт көрсөтүү кызматы берилет.

**Жеке психологиялык кеңеш берүү кызматынан пайдаланган** 111 **студент менен жалпы** 369 **сеанс өткөрүлүп, жардам көрсөтүгөн**. **Ошону менен катар эле, жеке инсанды таануу кызматтарынын алкагында өткөрүлгөн 19 тест жана ыкма 185 жолу студенттерге колдонулган**.

Багыт берүүчү иш-чаралар**:** Университетке жаңы өткөн студенттерге университетти, университеттин эрежелерин, өлкөнү, шаарды, өлкөдөгү жана шаардагы коомдук жана маданий турмушту чагылдырган иш-чараларды уюштуруу жана бул жаатта басылмаларды даярдоо. Студенттерди университеттеги мүмкүнчүлүктөр менен тааныштыруу.

Инсанды таануу боюнча иш-чаралар**:** Студенттердин талант жана жөндөмдөрүн, кызыгууларын жана жеке өзгөчөлүктөрүн таанууда жардамчы болуу. Өздөрүнө байланыштуу мыкты чечимдердин алынышына көмөк көрсөтүү. Бөлүм алмаштыруу же сабак тандоо сыяктуу

учурларда стдуденттердин туура чечим кабыл алышына көмөк көрсөтүү.

Жеке психологиялык кеңеш берүү иш-чаралары**:** Психологиялык, эмоционалдык же социалдык көйгөйлөрү болгон студенттердин маселелерин чечүүдө көмөк көрсөтүү үчүн индивидуалдык жана топтук жолугушууларды өткөрүү.

### 5.1.2.Sağlık Hizmetleri









Университетте медициналык кызмат акысыз көрсөтүлөт. Ден-соолук борборундагы иш-аракеттер толугу менен Кыргыз жана Түркия Республикаларынын саламаттыкты сактоо боюнча мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. 2012-жылы жаңы имаратта адис дарыгерлер интернет аркылуу заманбап медициналык шаймандар менен жабдылып, студенттерге, кызматкерлерге жана алардын үй-бүлөлөрүнө натыйжалуу жана эффективдүү медициналык кызмат көрсөтөт.

54-таблица. Медициналык кызмат көрсөтүүлөр

| Бөлүм | Кыз | Эркек | Бардыгы |
|---|---|---|---|
| ТЕЗ ЖАРДАМ КЫЗМАТЫ | 19 | 8 | 27 |
| ОПЕРАЦИЯ БОЛГОН БЕЙТАПТАРДЫН САНЫ | 12 | 17 | 29 |
| | Кызматкер | Студент | |
| ООРУКАНАДА ДАРЫЛАНГАН БЕЙТАПТАРДЫН САНЫ | 1.021 | 3.860 | 4.881 |
| ПЕДИАТРИЯ | 729 | - | 729 |
| ЖАЛПЫ | **1.781** | **3.885** | **5.666** |

### 5.1.3. Студенттер үчүн жатакана жана турмуш-тиричилик кызматтары

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин жатакасы 2000-2001-окуу жылында колдонууга берилип, эне койнундай жылуулук берген атмосферага ээ жагымдуу үй. Бул жерде жашаган студенттерге үй-бүлө ичиндеги ынтымак, ишеним жана тынчтык тартууланган. Жаткананын ичинде түзүлгөн турмуш-тиричилик шарттарын жана мүмкүнчүлүктөрдү эске алганда эң мыкты жатакана катары көрсөтүлүп, үлгү болууда. Турмуш-тиричилик шарттары менен катар эле, студенттер өздөрү ар тараптан өнүктүрүү үчүн социалдык, маданий жана спорт жаатындагы мыкты шарттар түзүлгөн. Бул максатта маал-маалы менен ар кандай иш-чаралар; атап айтканда поэзия кечелери, дебат, көңүл ачуу программалары, театралдаштырган оюндар, куттуктоо кечеси, маалыматтык багыттагы жыйындар, экскурсия, спорттук иш-чаралар уюштурулуп турат.

Мына ушинтип, түрк дүйнөсүнүн төрт тарабынан келген студенттер үчүн бири бири менен жакындан таанышып, өз ара жылуу мамиледе болуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. 2000-жылы колдонууга берилген, 500гө жакын кишиге эсептелген эски жатакана менен 2013-жылы колдонууга берилген 688 орундуу жаңы жатканада студенттер бири-биринин тили, маданиятын, үрп-адат, салт-санаасын жакындан таануу мүкүнчүлүгүнө ээ болуп, келечекте түрк дүйнөсүнүн өнүп-өнүгүүсүнө өз салымын кошкон жаштардан болуу сезимдери менен тарбияланып жатышат.

Жатаканаларда Кыргызстандан башка өлкөлөдөн келген даярдоо курсунун студенттерине артыкчылык берилип, балл саноо системасы даярдоо курсунун студенттерине колдонулбайт.

Даярдоо курсунун студенттеринен сырткары, кирүү экзамендеринде жогорку көрсөткүчтөргөэ болгон жана сабактарындагы жетишкендиктери мыкты болгон студенттерге артыкчылык берилет. Даярдоо курсунан кийинки жылдарда чет өлкөдөн келген студенттер үчүн орундар окуудагы жетишкендиктерине гана карап берилет.

Эки корпустан турган жаткананын бир бөлүгү эркек студенттер үчүн экинчи бөлүгү кыз студенттер үчүн арналган жана бөлмөлөрдө 4 же 6 дан киши жашайт. Ар бир бөлмөгө таандык даараткана жана душ бөлмөлөрү каралган. Акысыз интернет кабелдери менен кошо эле, интернет-кафе студенттердин колдонуусуна сунулган.

**Ден-соолук борбору, Студенттерге психологиялык кеңеш берүү борбору, КТМУ башкы имараттагы китепканалар студенттер үчүн тынымсыз кызмат көрсөтөт**. **Спорт менен машыгууулары үчүн жасалма** газондон аянтча жана каучук төшөлгөн баскетбол жана волейбол аятчалары бар спорт аянтчаларыбыз кийинки жылы колдонууга берилет. Кантин-кафетерияда саат 08:00дөн 23:00гө чейин студенттердин кызматында. Жатаканада





жашаган студенттер үчүн түшкү жана кечки тамактар 1 доллар (60 сом) баасында берилет. Кантинде түрк телевидениелери менен катар эле, Түркиянын жогорку лигадагы футбол оюндарын көрүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

### 5.1.4. Тамак-аш тейлөө кызматы:





Университет эки студенттик, эки кызматкерлер үчүн ашкана, беш кафетерий жана бир чакан маркети менен студенттерге жана кызматкерлерге арзан баада сапаттуу тамак-аш менен камсыздоо кызматы көрсөтүлөт.

Университтин эл аралык стандарттарга ылайык тейлеген ашканалары студенттерге, академиялык жана административдик персоналга түшкү жана кечки тамак даярдашат. Окуу жайдын ичинде студенттер менен кызматкерлер тамак-аш боюнча соодалары электрондук карточкалары аркылуу жүргүзүшөт.





Мындан сырткары, башкы имаратта жана студенттик жатаканаларда студенттер менен кызматкерлер үчүн кантин-кафетерия

жана чакан маркет кызматы сунушталган. Ал жерде университеттин наабайканасында дан азыктарынан жасалган тамак-аштар (нан, пирог, кекс, булочканын түрлөрү) сатылат. Ошону менен катар эле, университетибиздин академиялык жана административдик кызматкерлеринин өз демилгелери менен уюштурулган фонддун эсебинин 275 студентке ай сайын бекер тамактануу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

## 5.2. Университеттин студенттик кеңеши

Университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2001-жылдын 1-мартындагы №2001-34-чечиминин негизинде «Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Студенттик кеңеши жана студенттик клубдар инструкциясы» бекитилип, студенттердин билим алуу жаатында комитет жана платформаларга өкүл болуусу менен катар коомдук, маданий жана спорттук иш-чараларына университет көмөк көрсөтөт.

Студенттик кеңеш, университетте жана университеттен сырткары жерде КТМУ студенттерине өкүлчүлүк кылуу укугуна ээ болгон жалгыз түзүлүш. Студенттик кеңеш студенттер менен университеттин ортосунда байланыштарды түзүп, студенттердин демократиялык түрдө университеттин башкаруусуна катышуусун камсыздайт. Студенттик кеңештин мүчөлөрү факультеттердин жана бөлүмдөрдүн жыйындарына катыша алат, ал эми Студенттик кеңештин төрага/төрайымы болсо университеттин Окумуштуулар кеңешине катышып, өздөрүнүн жеке пикир жана сунуштарын университеттин жетекчилери менен бөлүшө алышат.Студенттик кеңештин миссиясы – студенттер менен администрация ортосунда көпүрө катары милдет аткарып, студенттердин ар түрдүү көйгөйлүү маселелерин жана пикирлерин карап чыгып, жүзөгө ашырат. Айрыкча студенттердин маселелерин чечүү процессинде керектүү иштердин аткарылышын көзөмөлдөйт. Студенттик кеңештин алтында иш алып барган студенттик клубдарга төмөнкүлөр кирет:

1. Туризм клубу
2. Enactus клубу
3. Театр клубу
4. Эл аралык байланыштар клубу
5. Манас Дебат / диспут клубу
6. Башкаруу жана экономика б-ча клуб
7. КВН клубу
8. PR клубу
9. "Биота" экологиялык клуб
10. Философиялык клуб
11. Ак-ниет кайрымдуулук клубу
12. Жаңырык адабий клубу
13. Лыжа тебүү клубу
14. AIESEC клубу
15. Инсандык өнүгүү клубу
16. Орто Азия философиясы клубу
17. Кинематография клубу
18. Фольклордук клуб
19. Тоодо издөө жана куткаруу, алгачкы жардам көрсөтүү боюнча альпинисттик клуб
20. "Вефа" клубу
21. Англисче баарлашуу клубу

### 5.3. КТМУнун бүтүрүүчүлөр жана кызматкерлер уюму



Университет, өзүнүн копоративдик иденттүүлүгүн чыңдоо максатында бүтүрүүчүлөр менен болгон байланышка өзгөчө маани берип келет. Ушуга байланыштуу Бүтүрүүчүлөр уюму 2006-жылы түзүлүп, “Манас” университетинин бүтүрүүчүлөрүн бириктирүү, керектүү билим, маалымат жана пикир алмашуу, ар түрдүү багытта жүргүзүлгөн иш-чаралар аркылуу бир жерде чогултуу жана Манас рухун жаратуу үчүн 2010-жылдын октябрында www.manasmezunlari.com веб-баракчасын иштеп чыккан.

Жогоруда көрсөтүлгөн максатка ылайык, ар бир академиялык жылда Бүтүрүүчүлөр күнүн уюштуруп, “Манастын” бүтүрүүчүлөрү менен кызматкерлеринин кесиптик жана социалдык жактан жетишкендиктерин көзөмөлгө алып, алардын бири-бири менен тажрыйба алмашуусун камсыз кылат.

Университеттин бүтүрүүчүлөрү менен ар дайым байланышта болуп, керектүү маалымат жана ой-пикир менен бөлүшүп, түрдүү себептер менен жолугушуп туруу жана Манас атанын элесине уюшулган Манас университетинин бүтүрүүчүлөр жана кызматкерлер биримдиги 2014-жылы да бүтүрүүчүлөр менен болгон байланышын мыкты жүргүздү. Ошону менен катар эле, бүтүрүүчүлөрдүн адистик жана тармактык багытта иш алпаруусу боюнча анализ жүргүзүп чыгышкан.

Уюм тарабынан салттуу түрдө уюштурулган кышкы экскурсиясы 2014-жылдын 15-февралында “Зил” Лыжа базасында болуп өттү. Экскурсияга 60ка жакын бүтүрүүчүбүз жана кызматкерибиз катышты. Университеттин ректору, проф. докт. Себахаттин Балжы жана Хаккари университетинин ректору, проф. докт. Эбубекир Жейлан жана башка жетекчилер, кызматкер жана бүтүрүүчүлөр менен бирге жагымдуу атмосфера ичинде өткөрүлдү.

## 5.4 Иш чөйрөсү жана коомчулук менен байланыштар

Өзүнүн миссиясынын жана мекемелик структурасынын талабына ылайык коомчулукка кызмат кылууну эң негизги милдеттеринен бири болуп, мамлекеттик жана жеке сектор менен жергиликтүү жана эл аралык жарандык уюмдар менен кызматташтыктарды түзүп, коомчулуктун ар бир катмарына багытталганар түрдүү иш-чаралар менен бирге юбилей, эскерүү, майрамдык жана атайын даталарга арналган жыйын жана кечелер уюштурулуп турат. Мына ушундайча университет коомчулук менен ширелишип, университеттин уюмдук потенциалы өнүктүрүлүүдө.

Университет коомчулук жана ишкер дүйнөсү менен айкалышуусу жана өзүнүн өнөктөштөрүнө таанылуу максатында ар кыл мекеме жана уюмдарга барып, алар менен жакын таанышып, андан сырткары ошол өнөктөрүнүн жигердүү катышуусу менен социалдык, маданий, искусство жана спорттук иш-чаралар уюштурулуп келет. Ушундам улам студенттерибиздин ата-энелери менен байланыштарды бекемдөө максатында ата-эне жана үй-бүлөлүк кеңештер түзүлдү.

Бул багытта үзгүлтүксүз, системалуу иш алып барууга негиз болуп бере турган "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин консультациялык кеңеш-берүү комиссияларынын түзүлүшү, иштеши, процедура жана негиздери боюнча инструкциясы" жана "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ата-эне жана үй-бүлөлүк кеңештеринин түзүлүшү, иштеши, процедура жана негиздери боюнча инструкциясы" иштелип чыккан. Түзүлгөн ата-эне жана үй-бүлөлүк кеңештер жигердүү түрдө өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүдө. Университетти таанытууда студенттердин активдүү роль алуусу үчүн студенттик кеңеш жана бул кеңештин астында түзүлгөн студенттик клубтардын окуу жайга жана коомчулукка багытталган иш-чараларына (акыл зирек таймаштары, карьера күндөрү, дебаттар, маанилүү даталарды белгилөө, эскерүү кечелери, таанытуу жана социалдык жардам көрсөтүү программалары жб.у.с.) дем берилип, колдоо көрсөтүлүп келет.

### а. Ишкер чөйрөсү менен байланыштар жана кызматташтыктар

Жаңычыл жана демилгелүү университет болуу максатында ишкер чөйрөсү менен тыгыз, эки тарапка пайдалуу боло тургандай жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусун жеңилдеткен кызматташтыктар түзүлүп жатат. Негизги максат - агартуу жана илимий изилдөө долбоорлорун иштеп чыгуу жана тийиштүү сектордун өкүлдөрүн бул долбоорлорго тартуу, бул долбоорлордун натыйжаларын ишкер дүйнөсүнө билдирүү. Бул иш-аракеттер, университеттин жаңы ресурстар менен камсыз болушуна жана бүтүрүүчүлөрдүн бул секторлордо оңой иш табууларын аөбөлгө болмокчу. Ишкер чөйрөнүн тажрыйбалуу өкүлдөрүн студенттер менен жолуктуруп, эмгек жашоосу тууралуу студенттерге туура маалымат берүү иш-аракеттери жүзөгө ашырылып келет. Университеттин тийиштүү бөлүмдөрү менен ишкер чөйрөнүн тийиштүү секторлору биргелешкен жармаңке, карьера күндөрүн жана семинарларды уюштуруу үчүн ар түрдүү мүмкүнчүлүктөр колдонулууда.

2014-жылдын 4-март күнү ТРнын ТИКА



Эл аралык мамилелер жана кызматташтыктар башкармалыгынын башчысы Мехмет Йылмаз жана ТИКАнын Кыргызстандагы программалык координатору Хакан Эргүн университетке иш сапары менен келишти.

2014-жылдын 9-апрель күнү Кыргызстандын айыл-чарба жана мал чарбачылык тармактарында ири ишканалардын бири болгон "Аталык Групп" менен эки тараптуу кызматташтык келишимине кол коюлду.



2014-жылдын 15-апрель күнү ТР Президенти Абдуллах Гүл-дүн камкорчулугу менен Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан ж-а Түркия Республикасысынын парламенттеринин спикерлеринин биргелешип түзүшкөн ж-а ТР парламентинин спикери Жемил Чичектин төрагалык милдетин аткарып жаткан ТүркПА менен университеттин ортосунда социалдык, маданий, илимий иш-чаралардын, орток долбоорлордун ишке ашырылышы тууралуу ж.о.э. башка тармактарды да камтыган эки



тараптуу кызматташтык боюнча келишимге кол коюлду.

2014-жылдын 15-апрель күнү Түрк дүйнөсүнүн инженерлер жана архитекторлор биримдигинин мүчөлөрү университетке иш сапары менен келишип, университеттин жетекчилиги менен жыйын өткөрүштү. Бул жыйында аталган биримдиктин Бишкекте өкүлчүлүгүнүн ардактуу төрагалыгына университеттин ректору, проф. докт. Себахаттин Балжы, Байкоочулар кеңешинин мүчөлүгүнө университеттин Биринчи проректору, проф. докт. Асылбек Кулмырзаев, проректор, проф. докт. Махмут Изжилер дайындалгандыгын тастыктаган документке кол коюлуп, Түрк дүйнөсүнө кошкон салымдары жана зор кызмат кылгандары үчүн ректор, проф. докт. Себахаттин Балжы менен Биринчи проректор, проф. докт. Асылбек Кулмырзаевге атайын сыйлык тапшырылды.



2014-жылдын 20-май күнү Кыргызстандын айыл чарба тармагында өнүгүүсүнө салым кошуу жана Түркия менен бул тармакта эки тараптуу мамилерди өнүктүрүү максатында Кыргызстанга келген Түркиянын урук өстүрүүчүлөр ассоциациясынын жетекчилиги менен болгон жолугушууда университет менен ассоциациянын ортосунда мындан мурун кол коюлган эки тараптуу кызматташтык келишимин андан ары улантуу, студенттердин стажировкадан өтүү маселеси, Кыргызстандын айыл чарба

тармагында орток иш-аракеттер ж.б.у.с. маселелер талкууланды.



2014-жылдын 23-октябрь күнү - Университетибизде өткөрүлгөн «Маданияттар аралык билим берүү контекстинде «Түрк дүйнөсүнүн атуулу» аттуу тандалма сабактын окуу программасын иштеп чыгуу ж-а натыйжалуулугун баалоо» долбоорунун симпозиум-семинарынын жыйынтыгында ТР Газиантеп, Ататүрк, Битлис Эрен, КР И.Арабаев университеттери, Валех Хажылар атн. илимий-маданий изилдөөлөр б-ча эл аралык фонду, Эл аралык "ТЕКЕ" (Түркчө адабият, маданият ж-а билим берүү) журналы, "EPODER" (окуу программалары ж-а билим берүү б-ча ) уюму менен биргеликте «Түрк дүйнөсүнүн атуулу» аттуу окуу программасынын тандалма сабак катары орун алышы, «Түрк дүйнөсүнүн атуулу» долбоору б-ча иш-чаралардын ишке ашырылышы, бардык тараптардын ортосунда кызматташтыктын ж-а координациянын өнүктүрүлүшү ж.б. билим берүү маселелерин камтыган кызматташтык келишимдерине кол коюлду.



## b. Өнөктөштөр

Университеттин ар бир сектордон көптөгөн өнөктөштөрү менен ортолорунда ишенимди арттырган байланыштарды бекемдеп, маалымат агыны менен кызматташтыкты камсыз кыла тургандай жыйындардын, ар түрдүү социалдык маданий иш-чаралардын уюштурулушуна жана орток долбоорлордун иштелип чыгышына маани берип келет.



2014-жылдын 4-февраль күнү КРнын Маданият, маалымат жана туризм министринин орун басары Максат Чакиев университетке иш сапары менен келген учурда университет менен Кыргызстанды таанытуу, туризм, маданият ж-а башка тармактарда орток долбоорлор, конференциялар, социалдык-маданий иш-чаралар, технологиялык инфрастуктура, билим жана тажрыйба алмашуу тууралуу маселелер талкууланды.



2014-жылдын 3-апрель күнү Казахстандагы Түрк академиясы менен профессордук-окуутучулук курам, административдик кызматкерлер, студенттер менен алмашуу жана билим берүү тармактарын да камтыган эки тараптуу кызматташтык б-ча келишимге кол коюлду.



### c. Коомчулукка кызмат кылуу, социалдык жоопкерчилик иш-чаралары

Кыргыз-Түрк «Манас» университети өзүнүн чөйрөсүндөгүлөрдөн тартып, коомчулуктун бардык катмарларынын мүдөө-талаптарына жооп берүү, жашоо-турмуштарынын сапатын арттыруу максатында жергиликтү бийлик органдары, жарандык коом уюмдары, профсоюздар менен кызматташтыкта окуу семинарларын уюштуруп, көйгөйлөрдү изилдеп, таап, аларды чечүү жолдорун табууга аракет кылып келет.



2014-жылдын 10-14-февраль күндөрү студенттердин жана окутуучулардын колдоосу менен жетим балдар үйү жана карылар үйүнө жардам көрсөтүү максатында “Жарманкеге келгиле!» аттуу кайрымдуулук иш-чарасы уюштурулду.

2014-жылдын 18-март күнү Университеттин Ч.Айтматов атындагы кампуста жайгашкан экономика жана башкаруу факультетинин имаратынын кире бериш жеринде академиялык/административдик кызматкерлер жана студенттер үчүн кызмат көрсөтүү максатында Демир Кыргыз Интернэшнл Банктын филиалынын ачылыш аземи өткөрүлдү.

2014-жылдын 20-март күнү ТР Улуттук Билим берүү министрлигине караштуу Бишкек Башталгыч билим берүү мектебине университеттин ректору, проф. докт. Себахаттин Балжы барып, кенже класстын окуучуларына таттуу тарапа таратып, алар





менен маек куруп берди. Жолугушуу учурунда окуучулар абдан кызыктуу суроолорду узатып, проф. докт. Себахаттин Балжыдан география боюнча сабак өтүп беришин өтүнүштү.

2014-жылдын 19-март күнү КРнын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу №3 стоматологиялык поликлиникасы менен университет ортосунда академиялык, административдик кызматкерлердин жана студенттердин тиш жана ооз көңдөй ооруларын дарылоо жаатында эки тараптуу кызматташтык боюнча келишимге кол коюлуп, стоматологиялык кабинет оңдотулуп заманбапташтырылды.




2014-жылдын 24-май күнү Түрк ашканасынын белгилүү ашпозчусу Шефика Гүнйел университетибизде конок болду. Университеттин социалдык багыттагы имараттарында өткөрүлүп, түз эфирден берилген "Шефика Гүнйел менен чогуу үйрөнөбүз" мастер-класс программасы университетибизде жана ошондой эле Кыргызстанда да чоң кызыгуу жаратты.





2014-жылдын 24-май күнү университеттин жетекчилиги Кыргызстан Элдеринин Ассамблеясына барып, төрага Бектемир Мурзубраимов менен жолугушту. Бул Ассамблеянын курамындагы Ахыска түрктөрү, Азербайжан ж.б. ассоциациялардын жетекчилиги м-н жолугушуп келишти.




2014-жылдын 28-май күнү Чет тилдер жогорку мектеби тарабынан ар жылы салттуу түрдө уюшутурулуучу "5-улуттук түркчө ырлардын жарышы" шаңдуу өттү.



2014-жылдын 24-июнь күнү Ч. Айтматов атындагы кампусундагы Социалдык багыттагы имараттын жыйын залында "Кыргызстандынсаламаттыкты сактоо системасына анализ" деген темада семинар уюштурулду.



2014-жылдын 13-июнь күнү Университетибиздин ректорлугу тарабынан ар жылы өткөрүлгөн кайрымдуулук иш-чарасынын алкагында жетим балдар үйүнүн тарбиялануучулары 10 күндүк мөөнөттө студенттердин жатаканасында болушуп, ага-эжелеринин бүтүрүү кечесине катышкан соң, өз үйлөрүнө жеткирилди.



2014-жылдын 18-ноябрь күнү Кыргызстандын Сокулук районундагы Петровка айылында жайгашкан акыл эси кем балдар үчүн мектеп-интернатына университеттинректорупроф.,док.Себахаттин Балжы жана кызматкерлери барып, керектүү окуу материалдар, аңгеме китептери, оюнчуктар, ашканага керек болгон казандар ж.б. каражаттар менен камсыз кылышты.




2014-жылдын 2-декабрь күнү Майыптар күнүнө карата коомдук жоопкерчилик жана элге кызмат кылуу багытында коомдук иш-чараларды жүргүзүп келген университеттин жетекчилиги Бишкек шаарынын Абай көчөсүндө жайгашкан карылар жана майыптар үйүнө барып, ашканасын, коридорлорун, жуунучу бөлмөнүн чатырын ремонттоп, керектүү каражаттар (дары-дармектер, парда, төшөнчү буюмдар ж.б.) менен камсыз кылды.

Университет өзүнү социалдык жоопкерчилик долбоорлорунун алкагында

Кыргыстандын Нарын областындагы Талды Суу айылындагы Абибулла Осмоналиев орто мектебине 6 даана компьютер, 1 даана телевизор, 10 даана с тол жана парта тапшырды.

Ушул эле долбоордун алкагында төмөндөгү орто мектептерге жардам көрсөтүлдү:

Ош областындагы мектептерге таратып берилиши үчүн “Түрк-Ата” бирикмесине 8 даана компьютерө 1 даана телевизор.

Нарын областынын Нарын районундагы Эмгек-Талаа айылындагы Керимбай уулу Сарыбай атындагы мектепке 7 даана компьютер, 1 даана телевизор.

Ош областынын Өзгөн районунун Көлдүк айылындагы Рыспай Конкошев атындагы №12 мектепке 2 даана компьютер, 1 даана телевизор.

Нарын областынын Кочкор айылындагы Капар Кыдыралиев атындагы лицейге 1 даана телевизор, 5 даана VGA-экран.



### d. Эл аралык мамилелер жана кызматташтыктар

Университет, ааламдашуу процессинде дүйнөдөгү күчтүү жана атаандаштыкка туруштук бере алган мекеме структурасына ээ болуу үчүн алгач куруучу өлкөлөрдүн, аймактагы жана дүйнөдөгү тандалма жогорку окуу жайлар жана алдыңкы мекемелер менен эл аралык мамилелерди түзүп, кызматташтыкты бекемдеп келет.

Бул максатта 2010-жылдын февраль айынан 2015-жылдын июнь айына чейинки мезгилде Түркия Республикасынан 70 университет, мекеме, уюм жана өкмөттүк эмес уюмдар; Түркия Республикасынан сырткары 48 жогорку окуу жай менен кызматташтык протоколдоруна (http://iro.manas.edu.kg/index.php/homepage,menu) кол коюлуп, студенттер жана профессордук-окутуучулук курам менен алмашуу программалары, практика, профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу, орток илимий долбоорлорду иштеп чыгууга багытталган иш-чаралар аткарылууда. Мындан сырткары Мевляна алмашуу программасынын алкагында 64 университет менен кызматташтык келишимине кол коюлду (http://mdp.manas.edu.kg/).

2014-жылдын 22-январь күнү Манас университетинин профессордук-окутуучулук курамдын, техникалык инженерлердин ж-а студенттердин ТРТ студияларында түз эфирге чыгуу ыкмаларына ээ болуу, ТРТнын материалдык-техникалык базасын колдонуу, ТРТнын Орто Азия ж-а Кыргызстанда фильм тартуу иш-чаралары үчүн Манас университетинин материалдык-техникалык базасын колдонушу максатында жана ошондой эле мындан мурун түзүлгөн келишимди өнүктүрүү үчүн эки тараптуу кызматташтык келишимине кол коюлду.




2014-жылдын 14-февраль күнү ТРдагы Хаккари университетинин ректору проф., док. Эбубекир Жейлан жана жетекчилери университетке иш сапары менен келишип, кызматташтык келишимине кол коюшту. Казахстандагы Түрк академиясы менен профессордук-окуутучулук курам, административдик кызматкерлер, студенттер менен алмашуу жана билим берүү тармактарын да камтыган эки тараптуу кызматташтык боюнча келишимге кол коюлду.






2014-жылдын 24-апрель күнү ТРнын Ататүрк атындагы маданият борборунун башчысы проф., док. Туран Караташ жана делегациясы университетке иш сапары менен келишип, кызматташтык келишимине кол коюшту.




Англиянын Бишкектеги элчиси Джудит Маргарет Фарнворт университетке келип, студенттерге “Эл аралык системада дипломатия” темасында семинар өткөрдү.



2014-жылдын 30-апрель күнү КРнын Улуттук тил комиссиясынын төрагасы Эгемберди Эрматов жана делегациясы университетке келишип, кызматташтык келишимине кол коюшту.



2014-жылдын 9-июнь күнү ТРнын Бартын университетинин ректору, башкаруу кеңешинин ж-а декандарынын университетке иш сапарынын натыйжасында эки университет ортосунда студент,окутуучу ж-а административдик кызматкер алмашуу программасы, билим берүү жаатында кызматташтык келишимине ж-а Мевляна алмашуу программасына кол коюлду.



2014-жылдын 24-октябрь Украинанын В.А. Сухомлинов-Николаев атн. Улуттук универститетинин жетекчилигинде ж-а педагогика факультетинин деканы катары дагы эмгектенген проф. докт. Мухиддин Николаев университетибизге келип, эки окуу жайдын ортосунда академиялык ж-а административдик кызматкерлер, студенттер м-н алмашуу программаларын ж.б. билим берүү маселелерин камтыган кызматташтык келишимдерге кол коюлду.

### е. Сыйлыктар

“Кыргыз Туусу” гезитинде жарыяланган 2014-жылдын мыктылары номинациясында Манас университетинин билим берүүсүнүн сапаты ж-а Европалык рейтингде Кыргызстан менен КМШ өлкөлөрүнүн ЖОЖдорунун арасынан алдыга озуп чыгып, биринчиликке жетишкендиги үчүн “Кыргыз Туусу” гезити тарабынан 2014-жылдын эң мыкты университети деп табылды.



Түрк дүйнөсүнүн жазуучулар жана маданият имшемрелеринин фонду **(TÜRK-SAV)** 18. Эл аралык Түрк дүйнөсүнө эмгеги сиңген инсандарга сыйлык тапшыруу аземинде, Университетибиз **“Түрк дүйнөсүндө орток маданий жана илимий көпүрөөнүн бекемдөө миссиясын”** аткарып келегндиги үчүн сыйлыкка арзыды.




Дүйнөлүк Түрк Форуму жана Түрк Азия стратегиялык изилдөөлөр борбору (TASAM) тарабынан уюштурулган ‘III. Дүйнөлүк Түрк Форумунун’ алкагында Түрк дүйнөсүнүн концепциясынын жана маанилүүлүгүн ийгилик менен арттырып келген инсандарды, уюмдарды сыйлоо жана андан ары дем берүү максатында мамлекеттик, дипломатиялык, бизнес, илим, маданият, искусство, технология, стратегия, спорт жана коомдук дипломатия номинациялары боюнча 2014-жылы өткөрүлгөн **“Түрк дүйнөсүнүн кызыл алма сыйлыктарын”** тапшыруу аземинде университетибиз **технология боюнча Кызыл алма сыйлыгына** ээ болду

Ишенаалы Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңешинин (№11–протокол, 30.10.2014) чечиминин негизинде Кыргыз жаштарына заманбап билим берүүдөгү жетишкендиктери жана И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору, профессор Себахаттин Балжыга аталган университеттин Ардактуу Профессору наамы берилди.





Наши вузы попали в десятку

Евросоюздун гранттык колдоосу менен Европалык илимий-өнөр жай палатасы тарабынан жыл сайын өткөрүлүүчү глобалдык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча Нобель сыйлыгына жана математика тармагы боюнча Филдс медалына ээ болгон профессордук-окутуучулардын санына, чет мамлекеттен келип окуган студенттердин санына, университеттин публикацияларынын дүйнөлүк илимий журналдарда жарыяланышына ж.б.у.с. категорияларга жараша европадагы кредиттик саат системасын колдонгон дүйнөнүн 2678 университетинин ичинен

Кыргызстандан төрт университетке **европалык рейтингде** “BBB” же болбосо “жетиштүү жогорку деңгээлде” деген категория ыйгарылды. Ал эми бул категориянын биринчилигине **Кыргыз-Түрк “Манас” университети** татыган.

### 5.5. Спорт жаатындагы кызмат көрсөтүүлөр



Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгынына караштуу спорттук имараттарда университеттин студенттерине жана кызматкерлерине апта аягында жана эс алуу күндөрүндө да жети күн кызмат берет.

Университеттин ачык аба спорт комплекси 2001-2002-окуу жылынан баштап иштей баштаган. Спорттук комплекс: 1 футбол, 1 баскетбол, 1 волейбол, 1 теннис спорттук аянтчадан турат.



Спорттук имараттарда, спорт аянтчаларынан сырткары студенттердин кийинип чечинүү бөлмөлөрү жана кызматкерлер үчүн кеңселер орун алган.

Жаңы жабык спорт аянтынын курулушу улантылууда. Мындан сырткары элдик оюндар, музыкалык аспаптар, заманбап бий ж.б.у.с. ийримдерге катышып, студенттер өздөрүн өнүктүрүүдө жана ушул ийримдерге катышуу менен санаалаш, досторду таап,ар дайым социалдык чөйрө менен карым-катнашта болушууда.

Мындан сырткары Коммуникация факультетинин имаратындагы фитнес залы жаңыланып, 2013-жылы Дене тарбия Жогорку мектебинин алдында студент ж-а кызматкерлердин пайдалануусуна берилген.

### 5.6. Маданий кызматтар



Түрк тектүү мамлекеттер менен боордош түрк элдеринин университетке тапшыруу курагына келген жаштардын башын бириктирип, эл аралык, заманбап билимдин талаптарына ылайык билим алышсын деп, улуттук жана руханий аң-сезимдерин калыптандыруу максатында курулган университетибиз, бул максатты ишке ашыруу үчүн маданий иш-чараларга да өзгөчө маани берип келет.

Студенттер үйлөрүндө ар жуманын бейшемби күдөрү кечкисин “маектер” өткөрүлүп турат. Бул иш чарага окутуучулар да чакырылып, үйбүлөлүк атмосферада маектер өткөрүлүп, буш чара кыматкерлер меен студенттердин ортосундагы байланшытын тызыг болушуна өбөлгө түзөт.

Мындан сырткары таалим-тарбия берүү программасынын алкагынжа поэзия кечелери, экскурсия жана маанай көтөрүүчү иш-чаралар өткөрүлүү менен катар театралдык пьесалар да коюлуп келет.







21-март. Нооруз майрамы



19-февраль. "Талант ж-а Тагдыр" спектакли



23-апрель. Улуттук боштондук ж-а балдардын майрамы



8-март. Эл аралык аялзатынын майрамы



**3-май. Азербайжанда КУНИБ көргөзмөсү**



**27-май. Эң кооз хоби бакчасы конкурсу**

### 5.7. Административдик кызматтар

#### Башкы катчылык

Башкы катчы университеттин административдик структурасынын жетекчи органы болуп саналат. Аткарган иш-чаралары боюнча Ректор жана Биринчи проректордун алдында жооптуу болот. Окумуштуулар жана Башкаруу кеңештеринин добуш берүү укугуна ээ болбостон референт-мүчөсү болуп саналат.

Башкы катчынын милдеттери, ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери төмөндө көрсөтүлгөн:

- Университеттин административдик структурасында орун алган түзүмдөрдүн тийиштүү мыйзам, устав, инструкция, жобо ж.б. ылайык натыйжалуу жана үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылуу,
- Окумуштуулар жана Башкаруу кеңештеринин добуш берүү укугуна ээ болбостон референт болуу,
- Университеттин окумуштуулар кеңеши менен башкаруу кеңешинин жыйналыштарынын күн тартибин даярдап, тийиштүү кишилерге өз убактысында жиберүү,
- Университеттин окумуштуулар кеңеши менен башкаруу кеңеши тарабынан кабыл алынган чечимдерди жазуу, коргоо, сактоо жана университетке караштуу түзүмдөргө жана тийиштүү кишилерге жиберүү,
- Университеттин окумуштуулар кеңеши менен башкаруу кеңеши тарабынан кабыл алынган чечимдерди университеттин веб-баракчасында жарыялоо,
- Ректорлуктун тышкы жана ички иш кагаздарын жүргүзүү,
- Университеттин административдик түзүмдөрү менен жеке жана мамлекеттик уюмдар ортосундагы мамилелердин натыйжалуу жана ырааттуу өнүгүүсүн камсыз кылуу,
- Факультет/жогорку мектеп/ институттун катчыларынын ортосунда координацияны жакшыртуу, кызматташтыкты камсыздоо, алардын натыйжалуу жана ырааттуу иштөөсүн камсыз кылуу,
- Ага караштуу болгон түзүмдөр ортосунда контролдоо жана текшерүү иштерин жүргүзүү, дисциплинаны камсыз кылуу,
- Университеттин ар түрдүү **административдик-чарбалык иштин камсыздалышын уюштуруу**,
- Университетте иштеген административдик кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча керектөөлөрдү аныкттоо жана бул керектөөлөргө ылайык окуу программасын камсыз кылуу,
- Университеттин ар түрдүү юридикалык маселелерди көзөмөлгө алуу жана бир жыйынтыкка келтирүү,
- Университеттин басма-полиграфиялык тейлөө кызматтарын ирээттүү иштешин камсыздоо,
- Университеттин административдик структурасында дайындала турган кызматкерди Ректор жана Биринчи проректорго сунуш кылуу,
- Университеттин балансында турган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү коргоо боюнча чараларды көрүү,
- Ректораттын протокол, визит жана азем өткөрүү иштеринде административдик-чарбалык иштин камсыздалышын жана уюштурулушун камсыз кылуу,
- Мүчө болгон кеңеш жана комиссияларга катышуу жана/же башчысы болуу,
- Система жана нормативдик-укуктук документтерди иштеп чыгуу,

- Университеттин ичинде ар түрдүү коопсуздук чараларын камсыз кылуу,
- Университеттин бардык мүлктөрүн уюштуруу жана архивдөө иштерин жүргүзүү,
- Кызматкерлердин социалдык коопсуздугунун камсыздалышында тийиштүү иш-чараларды жүргүзүү,
- Ресурстардын натыйжалуу колдонулушун камсыз кылуу,
- Баш катчылыктын жана ага караштуу түзүмдөрдүн аткарган бардык иш-чараларын контролдоо жана текшерүү, бул иш-чаралардын жыйынтыктарын алуу боюнча Ректораттын алдында жоопту болуу,
- Ректор жана Биринчи проректор тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

➢ **Маалыматтык технологиялар башкармалыгы**

- **Башкармалыктар үчүн аныкталган Университеттин максаты, милдети, стратегиясы жана прициптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу**,
- Университетте маалымат алмашуу иш-чараларын пландаштыруу жана уюштуруу,
- Университеттин жергиликтүү байланыш-катыш тармагына (Network) техникалык кызмат көрсөтүү жана иштетүү,
- Жергиликтүү жана эл аралык байланыш-катыш тармактары менен локалдык тармак байланышын үзгүлтүксүз жана тоскоолсуз камсыздоо,
- Академиялык жана административдик түзүмдөр маалыматтык технологияларды колдонуп кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү үчүн техникалык көмөк көрсөтүү,
- Университеттин веб баракчасын даярдоо ишин координациялоо, түзүмдөрдүн келген сунуш жана маалыматтарга ылайык веб-баракчадагы маалыматты жаңыртуу, аткарылган иш-чаралар жөнүндө маалыматты веб баракчада жарыялоо,
- Университеттин лицензияланган программалык жабдууларга болгон керектөөсүн камсыз кылуу жана алардын жаңыланып туруусун камсыздоо,
- Университеттин академиялык жана административдик түзүмдөрдүн компьютердин жардамы менен өткөрө турган сабак/ жыйындар үчүн компьютердик лабораторияларды техникалык жактан даярдоо,
- Университет тарабынан уюштурулган ар түрдүү жыйындарда колдонула турган компьютер жана прожекторлорду камсыз кылуу жана презентациялардын өткөрүлүшүн камсыз кылуу,
- Университеттин балансында турган бардык компьютердик системаларды, персоналдык компьютерлерди жана кошумча жабдыктарды периодикалык түрдө жана керек кезде оңдоп-түзөө жана техникалык кызмат көрсөтүү иштерин жүргүзүү,
- Университет муктаж болгон ар түрдүү компьютер жана компьютердик жабдыктарды сатып алууга байланыштуу Сатып алуу жана жана текшерүү комиссиясына техникалык жактан катышуу,
- Тармагына тиешелүү жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

➢ **Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы**

- **Башкармалыктар үчүн аныкталган Университеттин максаты, милдети, стратегиясы жана прициптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу**,
- Университеттин балансында турган же колдонуусунда болгон кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөргө байланыштуу таблицалардын жыйынтыктарын даярдоо,
- Керектүү каражат жана материалдардык камсыздалышы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү,

- Имараттарды тазалоо, жарыктандыруу, жылытуу, оңдоп-түзөө ж.б.у.с. кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү,
- Университетке келген конокторго жардам көрсөтүү жана тийиштүү кишилер менен жолугушуулардын өтүшүн камсыз кылуу,
- Университеттин жашыл аянттарынын тазалыгын сактоо жана сугаруу ж.б.у.с. иш-чараларды өткөрүү, күнүгө контролдоо жана текшерүүлөрдү жүргүзүү,
